Эсенгул ЖУНУШОВ

# ҮЧ БУРЧТУК

Ырлар жыйнагы

**Жунушов Эсенгул**
"Үч бурчтук" *ырлар жыйнагы* - Б.: 2010. - 160 б.

Талант адам баласына жөн эле келе бербейт. Ал кудайдын берген бир шыбагасы. Аны учурунда таптап багып, кармап албасаң, тоонун эркин кушундай колдон учуруп жибериериң белгилүү иш. Булактын көзүндөй мөлтүр тунуктугу менен аруу махабат, адамзатынын улуу касиети, тирүүлүктөгү өзүң менен тагдырлаш жаратылыш дүйнөсү тууралуу көкүрөк түпкүрүндөгү жан дүйнөңө тынчтык бербеген асыл ойлоруңду кыял чабытыңда ала жүрүп, анан ак берметтей ыр саптарына айлантып, көргөнүңдү көргөндөй, ашкере көркөмдөбөй жөнөкөй ойлонто турган таасын саптар менен гана ыр кербенин окурмандарына жетелеп келип калыс таразасына койсоң алардын ой-пикирин угуп, адилет бааларын алганда гана жеңишиң ошо. Ал эми эки саптын башын чүргөй коюп, маани-маңызы жок ырларды жаратканды көрө, жазбай эле койгонуң оң го. Бул чыгармачыл адам катары, менин жекече оюм. Эмесе сөзүбүздү кезеги менен улайлы.

Кесиптешибиз журналист Эсенгул Жунушовдун жаңыдан басмага даярдалып жаткан «Үч бурчтук» аттуу ыр топтомун терең үңүлүп, тегиз окуп чыккандан кийин гана ырларындагы терең ойлуулук тандап алган темаларынын өзүнө жооп берип тургандыгы мени кубандырып, жогорудагыдай саптарды жазууга түрткү берди.

© Жунушов Э., 2009
© Жаныбаков Ж., 2009

## Алгысөз

Адатта, чыгармачылык ышкын ойгонуп, көкүрөк ойлорун алып учуп, шарпылдап, делебе козгоп, илхам келсе, колуңа калем алып ыр жазасың. Ошондо кагазга түшкөн саптарды ыр деп, аны жараткан адамды акын деп жүрөбүз. Дегинкиси, ар дайым эле турмушта андай боло бербеси анык: жазылгандын баары ыр, жаза билгендин баары акын боло бербейт.

Кыргызда акын катары белгилүү болуп калган ар бир чыгармачыл инсан (айрыкча жаштар) сый-урмат артып ЫР-аке дечү Рамис деле өзүн «балп» этип «акындардын падышасы» атап жибергени менен, айрым учурда алешем ырларды деле жаратып койгонун өзү мойнуна алып жүрбөйбү.

Береги чакан ыртоптомдордун автору Жунушев Эсенгул атайы филологиялык билим алды. Студент кезинде жергиликтүү чыгармачыл чөйрө менен аралашып, ийримдин ишине катышып, ырларын аудиторияга такай окуп жүрдү, дасыкты, каныкты, ыр жаратуунун техникасын да өздөштүрдү.

«Башат» чыгармачыл бирикмесинин активдүү мүчөсү катары ырларын «Башат» гезитинин беттеринде үзбөй жарыялады.

Мазмуну жана формасы боюнча жыйнактагы ырлар ар кыл, бирок дээрлик баарына бир почерк, бир стиль, бир ыкма, дүйнөнү кабылдоодогу бир гана адамга мүнөздүү болгон жеке касиет, өзгөчөлүк байкалып турат, бул автордун үнү, стили, дүйнө таанымы, ошол ар кыл ырларды мына ушул нерсе бириктирип турат.

Ырлардын айрым жерлерине калем тийгизип жатып, ал ырларды тематикалык жактан үчкө бөлдүк. Үч бурчтуктун бир бурчу - сезимдин үшкүрүгү, айоо, экинчиси адамдын бактытаалайы, үчүнчүсү буларга ээлик кылган акындын өзү, анын жан дүйнөсү...

Аёо, бакты үчөөбүз.
Алда нени күтөбүз.
Ара жолдо калганга,
Араң эле түтөбүз.
Аруу ойго түшөбүз.
Аалам жиреп сүзөбуз.
Аттиң... бирок арманда,
Арачыдай күч эгиз.
Ак ийилди түзөгүс.
Ар намыста бүтөгүс.
Албетте, биз балким,
Үч бурчтукту түзөбүз.

Автордун көпчүлүк саптары туйлаган жан дүйнөнү, дүбүрт салып ээ-жаа бербей сыртка чыккан үшкүрүк сымал абалын сүрөттөйт. Бул поэзияда салтка айланган көрүнүш, бирок Эсенгулдун саптары алдакандай башкача түзүлүп, башкача бир сезимдер менен ширелишкени өзүнө тартат.

«Көкүрөктөн чыккан катуу үшкүрүк, эмнегедир таш жарганга барабар» же болбосо «кайда барат көчмөндөрдүн кербени, эңшерилип изи калган кумдагы». Сезим дүбүртү «күчүн жыйнап эн акыркы демдет» сыртка чыгат.

Автордун бул сезимдериңе, бул жан дүйнөсүнө бакубат күч, демөөр каалап, алгачкы ыртоптомунун жарык дүйнө көрүшү менен чын ыкластан куттук айтабыз. Мындан ары чыгармачылык жолуң байсалдуу болсун.

***Али Турдугулов,***
*Профессор,*
*эл агартуунун отличниги.*

*Мекенибиз*
*Эне менен башталып,*
*Ата менен аталат...*

***

Эсиңде ырым жүрсө, окурманым,
Экинчи дүйнө менен кошулганың.
Эсенгул кантип, кандай жашаганын,
Эмнени аңдап-туюп жаза аларын,
Элирип тоо жаңырта соз ыргагын.

## Сын

Ак эмгекти кылган көп.
Аныгын билбей ыйман жеп.
Иштегенди көрө албай,
Ат койобуз “дунган” деп.

## Пейил

Килейген ак тамы бар.
Короодо толгон малы бар.
Кирип калсаң кокустан,
“Кел” дебеген жагы бар…

## Коммунизм...

Кампада үнөмдүүлүкка чакырган.
Каалганын дал үстүндө асылган.
“Бир да дан жерде калбасын”,
Ушундай ураан турат жазылган.
Бирок, чындык кайдасың?
Бирөө эмес, додо болуп чачылган.
Билбей анын пайдасын,
Жерде жатат асыл дан...

*1991-жыл.*

## Эрдик

Ак кой баккан элимдин чабандары.
Ак эмгектин кайраттуу адамдары.
Ар убакта чоң жардам көрсөтүшүп,
Ак ниетинен иштеп келет жаралганы.
Ар мезгил көчүп-конуп, журт алмашып,
Ак мөңгүлүү тоолордун чабарманы.

*1992-ж.*

## Санаа

Көпкө чейин кирпик какпай көздөрүм.
Кыйын болду... убакыт да өтпөдүң.
Кандайдыр түшүнбөгөн ойлор келип,
Коштоп турду көңүлүмдүн чөккөнүн.

*1997-ж.*

## Чиркин жашоо...

Көчөдө кайыр сурап жалгызы.
Колунда бар адамдан жардысы көп.
Кайран дүйнө кенебестен байкапар,
Кубанычка караганда кайгысы көп.

*1994-ж.*

## Үшкүрүк

Кылым коштоп түгөнбөгөн ай-жылдай.
Катаал турмуш көңүлдөрдү жай кылбай.
Күйүт күчтүү, айла-амал түгөнүп,
Кылчайбастан өмүр кетет кайрылбай...

*1995-ж.*

## Эмгек

Чалчык болгон көчөдөгү ылайдан.
Чөбү-кылы чогуу бирге чыланган.
Чабалекей уя салды бөлмөгө,
Чөйчөккө окшош,
Чебер колдой шыбалган.

*1995-ж.*

## Мээнет

Каруу кучту бактыбызга теңдеп биз.
Көрө билген акыл менен чен жеткис.
Көп нерсеге дилгир кылган адамды,
Кантип жашоо болмок эле эмгексиз.

*1997-ж.*

## Ой чабыт

Бийиктикте эркин учуп шаңшыган.
Бүткөн бою мейкиндикте калкыган.
Бүркүт менен тең жарышып учпастан,
Балапандай канат бүтпөй талпынам.

*1997-ж.*

## Сыноо

Турмуш мени ары-бери экчеди.
Татынакай түз жолуңан кет деди.
Тереңдикке сүңгүп кирген жан дүйнөм,
Татаалдыктын уч-кыйырын беттеди…
Так алдыман күтүп турат кыжалат,
Ташы тайгак, агыны шар кечмелүү…
Тилеген ой ишке ашып акыры,
Тирүү өмүр жетсе аттиң! чектелүү…

## Жолум узак...

Жанды берип сыноо үчүн жараткан.
Жарыкчылык түйшүгү көп тажаткан.
Жасай билсек ойлогондун баарысын,
Жер үстүндө учпайт белек канатчан.

Жорго минбей саяпкердей таңашкан.
Жөө тумандан бакты издеп адашкан.
Жылаанга да, кыраанга да туш келип,
Жолоочумун алыс сапар бараткан...

Жапа чегип, өйдө-ылдый экчелип.
Жакшы жашоо так маанисин текшерип.
Жиги түпсүз табышмактуу дүйнөдөн,
Жаңы чындык тапкым келет изденип.

Жеткенге жетип, жетпегенге тең келбей.
Жаш да болсом турмуш сырын чеңгелдей.
Жолум узак... бир максатты көздөгөм,
Жүктөрү оор, төөлөрү аз кербендей...

*1994-ж.*

## Суроо

Ак дейбиз... кебездей жумшакпы.
А балким, ак кардай муздакпы.
Адамдар ойлонуп көргүлө,
Анык жооп изденем муктаждуу.

Ак дейбиз... ал таштай катуубу.
А мүмкүн, ал туздай ачуубу.
Алыскы Эне-Сай доорунда,
Аталар калтырган жазуубу.

Ак дейбиз... кымыздай суюкпу.
А балким, көктөгү булутпу.
А бирок, ааламда теңдешкис,
Апанын сүтүндөй ыйыкпы...

Ак дейбиз... сөөктөй тунукпу.
А мүмкүн, чын эле улукпу.
Аалымдар аныктап бергиле,
"Ак" деген түрдүүчө сунушту...

## Эне-Сай чакырат...

Көп кылым канчалаган эрлер өткөн.
Кармашып эл-жер үчүн канын төккөн.
Кийинки муундарга жетип-жетпей,
Кабары жылдыз сымал жанып көктөн.
Карт тарых таразалап келет дайым,
"Кыргыздар эң байыркы анык көчмөн".

Жарк этип чагылгандай асмандагы.
Жортуулу кызыл кыргын чапкандагы.
Жер жүзүн таңдандырат эмдигиче,
Жазуулар чоң-кичине таштардагы.
Жансызга жан киргендей туюлгансыйт,
Жетик тил... өлбөс-өчпөс саптардагы.

Кайсы калк... ким экени аныкталып.
Кайрадан күч киргендей намыстанып.
Кенч тапкан кеменгерлер изилдөөдө,
Күнүмдүк жашоосунан алыс калып.
Күдүксүз жаралууда табылгалар,
Келечек муундар үчүн багыт салып.

*28.08.98.*

## Аламан...

Аттар кетти "чу" дегенде дүбүрөп.
Айтуу кыйын, кимиси кандай жүгүрөт?
Аркы дөңдө сынай карап адамдар,
Ар кыл сөздөр кажы-кужу күбүрөп...
А дегенде кетсе эле катуулап,
Ал деле бат алыстабай күйүгөт.

Тең тайлаша күчүн аяп атынын.
Тизгиндерин жыя кармап акырын.
Теминбестен үзөңгүдө өчөйүп,
Тигилерге сыр билгизбей жашыруун.
Тегеренип дагы айланып келгиче,
Турат деди канчалаган чакырым.

Көздөрүнөн мөлтүрөгөн жаш чыгып.
Көөдөн кыса аба жетпей аптыгып.
Куйрук-жалы сапырылып шамалдай,
Курч туяктан жер катмары чапчылып.
Кулунунан жайдак минип өстүргөн,
Көндүргөндөй саяпкери маш кылып.

Аста гана оң-солуна камчы уруп.
Атаандашын улам бирден калтырып.
Алып-учуп баратканда зымырап,
Аркасынан уюлгуган чаң чыгып.
Аалам жиреп канат бүткөн сыяктуу,
Алды жакта мара көзгө тартылып.

Чурулдашып дем бергендей балага.
Чочулаба, арт жагыңды караба.
Чоңойгондо чоң чабендес болосуң,
Чаба түшкүн күлүгүңдү, садага...
Чекте турган тоскондорду тоготпой,
Чогулган эл чуркап кирди марага.

*1993-ж.*

## Энеме

Көгөргөн асман түнөрүп.
Күндүн да жүзү бүдөмүк.
Көөнөрбөс сыры катылуу,
Калса да жашоом түгөнүп.
Каралдым эне каалаймын,
Көзүңдү тирүү түбөлүк.

Кыдырсам дагы жер бетин.
Кыйладан чыкпас теңдешиң.
Көтөрүп мени тогуз ай,
Кыйналып толгоо жеңбесин.
Кантейин эне түшүнөм,
Кайратың тоодой пендесиң.

Күзөтүп кирпик какпаган.
Керемет ырдап таптаган.
Кандай кырдаал болсо да,
Каректей ыйык сактаган.
Карарым эне эсимде,
Көкүрөк сүтүң кактаган.

Колуңдан көөрүң төгүлгөн.
Кадими каада көрүнгөн.
Кабары турат билинип,
Купуя жылуу өңүңдөн.
Канчалык эмгек кылсам да,
Кымбатсың эне өмүрдөн.

*28.04.99.*

## Атама

Аралап тоо арасын бороон-чапкын.
Ак койдун аркасынан түшүп бактың.
Адал иш акыбети кыйын тура,
Атаке мээнет кылып, дөөлөт таптың.

Аскасы көк тиреген ашуу аштың.
Адамдар көтөрө алгыс ачуу запкың.
Ааламды жөө кыдырар жолду кезген,
Айтылуу сыры бардыр буурул чачтын.

Азыгын камдап коюп берер аштын.
Акмалап жолун карап келер жактын.
Алда не... санаа тартып көпкө күткөн,
Ал кезде апам болчу жалгыз сакчың.

Алкынган өзөн кечип айда ташкын.
Алтыга жаңы карап... анда жашмын.
Ат жалын сапырылткан шамал беттеп,
Ай-талаа караан тутуп жанда жаттым.

Ардактап балдарыңдан кими бакчуң?
Акыры түбү ийги дили актын.
Арыбас ден-соолугуң тилеп жүрөм,
Атаке, сени менен менин бактым.

52261 чз

## Жалгыздык

Тынымы жок текке кеткен убакыт.
Тамчысы ысык көздөн жашты кулатып.
Түшүнчү адам бирге болбой жанымда,
Тең бөлүшчү көөдөн бугун жубатып.
Тээ алыска көз чаптырып олтурам,
Түн жамынган жолоочудай кыр ашып.

*22.03.99.*

***

Ата-энем мени бапестеп багып келүүдө.
Ардайым жөлөк тоскоолдук күчүн жеңүүгө.
А бирок, кыйын… канчалык кызмат кылсам да,
Ак эмгек, сүтүн кайтарып кайра берүүгө…

## Жылуу сөз…

Айтканындай кылбай койсом жумушту.
Атам дайым “бооророу” деп урушчу.
Анысында табышмактуу сыр бардай,
Акыр жүрүп жан дүйнөмө уютту…
Аяй берем кандай жандуу болбосун,
Ал мендеги танбас мүнөз туруктуу…

## Алыкулга...

Ак шам жагып май билигин көтөрүп.
Арбаса ажал моюн бербей жөтөлүп.
Айлуу түндө чырым этип койбостон,
Аттиң! кана...
Ал ырларын жазган экен көшөрүп.

Ак барактар турса дагы көз өйүп.
Ага болбой улам ыктап өчөйүп.
Ата-Журтка эмгек кылып акырын,
Атаганат?!
Андай кызмат деги качан? өтөдүк.

А дүйнөгө кетсе деле өзү өлүп.
Артындагы баласындай сөзү өнүп.
Акын эмес, жөнөкөй да окурман,
Алыкулга,
Арбагына... таазим кылып өтөлүк.

Аруу дүйнө агым менен көчөлүк.
Аны унутпай түйшүк жүгүн көтөрүп.
Аткарылбай калган ишин биз улап,
Арыбастан,
Ак жолуна из калтырып өсөлүк.

*27.03.2000.*

## Агам Токтоназарга...

Кандай кыйын, кандай кыйын... кош! – деген.
Карт ажалдын калыстыгы жок белем?!
Күлгүн курак, күлүп турган кезинде,
Кайран агам, учуп кетти "ок" менен.
Көздөрүмөн куюлганда ачуу жаш,
Калтырады араң турган бош денем.

*1999-ж.*

## Ак тилек

Бул ааламдын чабытына тең келээр.
Буйругу жок тагдырыма дем берер...
Бооруна алып сүт эмизген баладай,
Баалуу дүйнөм, ырларыңды элге бер.

Болбой койбойт... тирүү туруп эмнелер.
Бугу толсо, тоо да кээде термелээр...
Бар жашоосун камсыз кылган жандуунун,
Бейпил түндү, жарык күндү жерге бер.

Бактысына мээнет кылып тер төгөөр.
Бет алышкан кыйындыкты эр жеңээр.
Бак-дөөлөткө жан үрөгөн эмгекчил,
Бар болгула, дили таза пенделер.

## Ажал улук...

Каза болгон асыл жандар жердеги.
Кайра кайтып бул дүйнөгө келбеди.
Каруу күчүн, аң-сезимин коротуп,
Кайда калды? мээнет төккөн эмгеги...

Көпөстөргө кыйын дешет тең келүү.
Курулай сөз... балким андай тен берүү.
Кылым бейиш бир күнүңө татыбас,
Кандай бакыт тирүү өмүр элдеги.

Көрүш үчүн сындап алсыз пендени.
Кыймыл жасап жанды багуу эрмеги.
Кыйла канча... баш катырган акылдуу,
Куруп кетти... өлбөс кылып эмнени?

Күмөнүм бар... кысып турган демдеги.
Күйүтү көп, күлкүсү аз чердеги.
Кайда качпа куткарбастан акыры,
Кыйыр-учка жетет анын чеңгели...

Калтаарытып үшүн алган дендеги.
Кайгы түшсө... оозго кармап келмени.
Кулдук уруп, кол куушуруп жатсаң да,
Карт ажалды бирок, эч ким жеңбеди.

*18.01.2001.*

## Илгери умут

Дүйнөм түгөл өңдөнүп, дүйнөм түгөл.
Дүр-дүнүйө жыйбадым көзгө түмөн.
Дабандарды ашууга максат койдум,
Даанышмандай ой издеп алга сүрөөр.
Дегениме жетемби же жетпеймби?
Деги канча? белгисиз өмүр сүрөм...

*06.11.04.*

***

Жашоону алсыз кезеп ооругандар.
Жандууну байкуш дешет соолугандар.
Жаралып келип-кетер бу дүйнөнү,
Жалгандай жайсыз сезет жообу барлар.

*2001-ж.*

## Таң атпай

Эки көз тең бүдөмүккө байланган.
Эл уйкуда экенинде таң заардан.
Элет жердин түйшүгүнөн бошобой,
Энем жүрөт көңкөсүнө нан салган.
Ээрикчелди кыз кезинен жек көрүп,
Эмгектенип көнүп алган кайран жан.

*06.11.2004.*

## Дээр

Болгон эмес, болбойт дагы устатым.
Берген Алла, ыр көлүнөн туз-татым.
Боор-жүрөгүм, мээм кошо байланган,
Балким менин... терeңдикте муктажым.

## Ынкылап

Эч ойсуз, бүгүн мына Кочкордомун.
Эл толкуп... тартуу үчүн козголгонун.
Эпкинден учкун чыгып... жалын күйсө,
Эми ал... моюн бербейт жок болмоюн.
Эртеңи эмне болот? айтуу кыйын,
Эскинин жарып өтсө тоскон жолун.
Эр жигит, эрдик жасап сүрө кылса,
Элдикмин, мен да сени кош колдойун.

*16.03.05.*

## Ыңырчак...

Улуу тоодо жолдор кетип кыйырлап.
Унаа жактан ал учурда кыйын чак.
Упчу да жок, алдап-соолап сооротор,
Ууз эмген балдар-кыздар кыңылдап.
Уй-өгүзгө ылайыктап жасалган,
Укмуш белем... ошондогу ыңырчак.
Убагында нени кана кылбаган,
Усталардын колу билги сырын тап...

*17.09.05.*

## Кыш ажары

Көчөлөрдүн көрүп алып чаңдарын.
Көрүнгөнү айта берип чанганын.
Кара эми... мына мындай дегенсип,
Көбүктөнө жаап салды кар калың.

Көңүл чөгөөр билгизбестен арманын.
Көрпө ичик кийинишип чалдарың.
Көмүлүшүп улам туруп-жыгылып,
Көк муштум ойноп жүрөт балдарың.

Көпкө кетпес кышы узак аймагым.
Көктө жанган буурул түндө ай жарым.
Кебез сымал оронушуп бубакты,
Кербезденет катар өскөн талдарың.

Кычыраган кайра атып таңдарың.
Кыштак ичи колго кармап малдарын.
Кымкап жапкан ай-талаага чыгалбай,
Кызык турмуш тамашаны салганың...

## Сагыныч

Тоолуу жердин кадырын... тоолук билет.
Токтой албай кусадан ооруп жүрөк.
Торго түшүп капаста кармалгандай,
Тоготпогон далайды соолук жүдөп.
Топук кылып көнсөм да бар-жогуна,
Тоголотту ойдо жок... тооруп мүнөт.
Томогосун алганда бүркүт деле,
Таңшып чыгып бийиктик, зоону сүйөт.

## Эстеп коём...

Жазылган сайын жаңы ырлар.
Жадымда дайым айыл бар.
Жарыкка келип төрөлгөн,
Жерлигим тамган каным бар.
Жыңайлак чуркап чаң кечкен,
Жок болчу анда шагылдар.
Жонуна апкөч көтөрүп,
Жорголоп өтчү айымдар.
Жетелеп тайнем өстүргөн,
Жетпеген бала чагым бар.
Жайлоого чыгып ата-энем,
Жайлата тоскон таңым бар.
Жылкысы, уйу, кой-эчки,
Жетиштүү багар малым бар.
Жазында гүлдөп күзүндө,
Жемишин берер багым бар.
Жерге сээп айдаган,
Жегенге даным, наным бар.
Жашоонун бүтпөс кыймылы,
Жаралат далай дагы ырлар...

## Окшоштук...

Жан кейип бир башкача өпкөлөткөн.
Жаш кыйын... армандарым көздөн төккөн.
Жазында кар борошо жааган кезде,
Жаздым да калып жатты... жашыл көктөм.
Жалгашып кетким келди сууга айланып,
Жердин да бугу чыгып көккө жеткен...

*15.03.06.*

## Ымандай сыр

Эртелеп кеч киргендей каш карайым.
Эмнеге сөздүн угуп башкалардын...
Этибар албаптырмын ким кандайын,
Эми мен баягыдан башка адаммын.

Энемдин акыл айтып какшаганын.
Эч качан накыл кебин таштабаймын.
Эл үчүн акырындан кызмат кылсам,
Эне-ата ак эмгегин актай алдым...

Эпкини көп тийсе да ак-каранын.
Эч кимге көңүлдө кир сактабадым.
Эзилип көз жашыма армандарым,
Элеси келип турду... жаш баланын.

Эмнени максат койсом аткарамын.
Экинчи кайра куруп капка шаарын.
Эсенгул ким экенин... далилдеген,
Эскербес курч болоттой такшаламын.

*07.04.06.*

## Аң сезимде Эмгек-Талаа айылым

Айланайын элет пейли кутундан.
Алгачкы ирет татып даам тузундан.
Алыс-жакын жүрсөм дагы баары бир,
Айныбасмын жанга жакын жытыңдан.

Аткан таңда саап алып сүт уйдан.
Асып казан аны эртелеп бышырган.
Айдап коюн, эчки-улагын мааратып,
Анык түйшүк ушул жерде тытынган.

Аксакалдар акыл кенчи тутунган.
Атаңды бил, кайсы? дешип тукумдан.
Абай салып көз кырынан сынашат,
Алкап турган батасында бүт ыйман.

Аңыз жериң жазда-күздө бузулган.
Арпа-буудай кампасында кызыл дан.
Ачык колдуу той жасаса чакырып,
Аяр сүйлөп байбичелер узундан...

Адеп сактап карап койсоң кысыган.
Анар жүздүү уялыңкы кызыңдан.
Ак жоолуктуу келиндериң иймеңдеп,
Алакийиз, шырдак шырган узуңдан.

Акжал дулдул толкундары туз урган.
Агыны шар дайра өтүп тушуңдан.
Алакүүбү? үйүр жылкы чубуртуп,
Алгыр жигит, айгыр минип кутурган.

Аптап жайың, кары калың кышыңдан.
Алпурушуп кээде калып учурдан...
Аң-сезимде Эмгек-Талаа айылым,
Акыр түбү сөөгү сенде ушул жан...

*07.11.06.*

## Эмне үчүн?

Көр сыяктуу жаш козунун көздөрүн.
Карегин басып чел кабык эт өскөнүн.
Көтөрө чаап туйлаганга карабай,
Күчтүү колдор аны кылдат кескенин.
Кандай жаман тирүү жанды кыйнаган,
Кайран тилсиз макулугум, "өх!" дедим.
Көңүл айнып бүткөн боюм дүр этип,
Көпкө чейин унуталбай эстедим.
Күн өткөрүп кайра барып карасам,
Көрдүм анын көзү ачылып кеткенин.

*10.10.06.*

***

Кызык… бирок, мээни алып иш оору.
Кыжалатка салып мени тиш оору.
Кыңырылып кээ тамырлар чыңалып,
Кыйналсам да ошо менен түш ооду.

*15.08.06.*

## Эмнеге?

Алла таалам кылып мени мусулман.
Ал ислам ыйык диним тутунган.
А дүйнөбү? бу күндөбү өмүрүм,
Анык жашоо дилимдеги туз ыйман.
Акыретке барып кайра тирилсең,
Анда неге? Өлүк кетет бүтүн жан...

*08.11.06.*

## Сокур туюм...

Мээ, жүрөктө эч качан чарчабаган.
Мээрими дене-бойдо таркабаган.
Менде бир көрүнбөгөн туюмум бар,
Мезгилсиз келип турар ай-талаадан.

Маанисиз сөздөр да жок кайталаган.
Максатсыз кесип да эмес аркалаган.
Маңызын издеп жүрөм ар бир кептин,
Мухиттен кумду казып чайкабаган...

Мага окшош акын өттү канчалаган.
Мара алыс оттор чыгып даңканынан.
Махабат арулукту бийик тутуп,
Маркабат жанын берип чаңкабаган.

Мейли мен... эл ичинде байкабаган.
Мээнеттүү түн күзөтүп ай караган.
Мерчемдүү өмүрүмө кайыл болуп,
Мезгилди артык сезген мартабаңан.

*10.08.06.*

## Үч үмүт

Түн ичинде айылда же шаардабы.
Түркүн жашоо өтүп жатат шарданы.
Түйшүгү бар ар пенденин өзүнчө,
Түк өчпөстөн күйүп турса шамдары.

Табып, врач табалбаган арганы.
Талып дене өзүнө оор салмагы.
Тынымы жок баштан-аяк ойлогон,
Тынчы кеткен оорулуунун ал-жайы.

Тун баласын туйлап төрөп алганы.
Тук этпестен карегинде кан-жаны.
Татынакай жапжаш эне кубанып,
Таттуу уйкудан нечен жолу калганы.

Тоо томкоруп жаткан өңдүү ал дагы.
Толкунданып саптарды таап кайдагы.
Томуктай эс... эргүү келип акынга,
Толуктоодо ыр дүйнөсүн ал жаңы...

Түтүн чыгып... жалп дегенде жанганы.
Тирүүлүктөн кабар берип таң дагы.
Турмуш кайра өз нугунда уланат,
Тилеген ой, үмүт менен байланыу.

*28.11.06.*

## Аёо

Каалгып түшкөн ун сыяктуу электен.
Кар жааганда күз мезгили элеттен.
Кой кайтарган улуу агама боор ооруп,
"Кийин жылуу, үшүйсүң" деп желөпкөм...
Кичинекей бала көрдү атакем,
Кайдан уксун, мындай сөзду бөлөктөн...

*24.11.06.*

## Ким билет?..

Бооруна алып күбөгүнөн эмизген.
Бала үчүн жүрөгүн да беришкен.
Бу дүйнөдө азап чеккен энелер,
Буга чейин сый-урматка эгедер,
Буту менен дайым басып келишкен.
Баргандар кетип, келген жок,
Баркын билээр күмөнүм бар бейиштен.

*29.11.06.*

## Белек

Кышында мага берген үйдө өсчү.
Кызымдай баё карап күндө көздү.
Кыймылы улам аста боюн керип,
Кызгылтым бажырайып гүлдөп өттү...

## Изги иш...

Аябастан жаш кезинде өз жанын.
Апам билип узчулуктун көп жагын.
Алакийиз, шырдак шырып оюлап,
Алдын ала камдагандай сеп камын.
Ай жарыгын пайдаланып саймага,
Андабастан канча короп көз майың.
Аттиң! аттиң! төрөгөн кыз токтобой,
Арман беле... козгогондо кеп дайым.
Кантсең деле биз барбыз да, энеке,
Айтып жүрөр сизден калган тек-жайын.

*2007-ж.*

## Кыргыз тилим

Кыймылдуу жер үстүнө турук кылган.
Көп-азына карабай улут кылган.
Кытай, орус, казагыңбы?
Корей, араб, жапаныңбы?
Кыргызмын мен,
Кыргыз тилим улук турган.

Кейитип эмнегедир буюктурган.
Кекечтенип сүйлөгүчө думуктурган.
Кеби башка... сөздөрү аласалат,
Келесоолор көбөйдү чала сабат,
Кесирленип, тетирленип,
Кыргыз тилди дудук кылган.

Кыз-балаңбы, кылыксынган.
Келегей музыканы угуп турган.
Келечектин ээси дейсиң,
Компьютер мээсин жесин,
Кыргыз тилин...
Көз боочудай унуттурган.

Коомай сезип сылыксынган.
Кол ичинен "чылк" кылган.
Калк көзүнчө салабаттуу,
Кошоматчыл ал адатпы?
Кыргыз тилди кыйраткансып...
Кош тилдүүлүк сунуш кылган.

Кезегинде уруш тыйган.
Кесилбей баш... кылыч сынган.
Кеменгер тил кантип анан,
Кем акылдар тантыраган,
Каалап сүйгүн, баалап билгин,
Кимдигиңди карт тарыхта сыйып турган.

Кан-жанымда уюп тунган.
Кудай-таалам ырыс сунган.
Кулк-мүнөзү, каада-салты,
Кылымдарга калуучу кадыр-баркы,
Кыргызмын мен, кыргыз тилим,
келгенден кеткичекти ыйык турган.

*2007-ж.*

## Түшүнсөң...

Кыштакка кечте кой чубап.
Кесүүлөр кайтчу болду убак...
"Кетти эле уулум, кантти?" – деп,
Кейикчээл энем ойду улап.
Кебинен баштап илгерки,
Кеңешин айтып олтурат;
"Кыйналбайм десең айылда,
Кыйчалыш заман койду бак".

*07.01.07.*

## Акыркы жай...

Байманасын ашык кылбай кемиткен.
Баадаланган чоңдорунда жеп-ичкен.
Бут байлыгын жумшаса да аянбай,
Бирок, эч ким арачылап калалбай,
Басса-турса... көңүл чөгүп өйүткөн.
Бозоргон жүз, муздак дене кыймылсыз,
Баары бирдей пенде үчүн көрүстөн...

Барып кайра кайтпагандай миң көчтөр...
Билип туруп, жатаар жайын сүйбөстөр.
Байрам сууга жууп анан кепиндеп,
Бар күнөөсүн: Алла таалам кечир – деп,
Бүк түшүрүп, куран окуп күлбөс жер.
Бетон-темир, мраморго камалып,
Бейпилдик бер... деген өңдүү күмбөздөр.

Бу жалганга муктаждыктан төгүп тер.
Буйрук ошол, акыр барар өңүт көр.
Бийлик, байлык үчүн мейли жанталаш,
Белгисиздир... өмүр берген канча жаш?
Бейжоопсуз ажал улук жеңип көр.
Беймаанисиз шаарга айланып калчудай,
Бийик курган көбөйүүдө бейиттер.

Бул дүйнөнү кимдер, кандай? кабылдаар.
Бүтпөс жумуш... утурумдук алың бар.
Бар-жогуңду, ач-тогуңду аябас,
Бала-эне, жаш-карыга карабас,
Балээ баскыр... алып кетет жаныңды ал.
Биринен өтө атаандаша шөкөттүү,
Башкача кооз, таңдандырат кабырлар.

Бактылуубу? санаа жоктой күлсө эгер.
Балким төгүн? түшүнбөстүк түркөй эң.
Болуп дайым жүрсөң дагы саламат,
Бүгүнкү жаның эртеңкиге аманат...
Бир өмүрүң... чыгып-батаар күнчө жер.
Баркы-баасы кээ тирүүдөн өйдөрөөк,
Бизден дагы... бай жашашат мүрзөлөр...

***

Боор тартып үй-балаңа.
Багыш керек... күй садага.
Баары келет акырындан,
Бир калыпта жүр арада.
Бирок, сатып жолдошуңду,
Бөлө көрбө? Күнкарама...

## Жээрде кашка...

Жоол топту бузганын эмне чапса...
Жомоктотуп журушун терме айтса.
Жонуна чыны койсо төгүлбөгөн,
Жол алыс экендиги көрүнбөгөн,
Жорго сендей көрбөдүм жээрде кашка.

Жетим калып энесинен эрте жазда.
Желин толо ууз эмбей берме бакма.
Жетелеп кулунунан тая энем,
Жем-чөбүн аябастан ага деген,
Жетилтти акырындан белден ашма.

Жылтылдап кызыганда тердей аста.
Жарышканын калтырып желдей артта.
Жаза тайбай таштаган арышынан,
Жар салгандай бараткан дабышынан,
"Жигули" деп коюшчу элдер накта.

Жал-куйругун сапырып келе жатса.
Жарылып кетуучудөй жерде таш да.
Жалпынын жарпын жазаар табылгандай,
Жалгыздап бир келүүчү агым бардай,
Жаралбассың... кайрадан жээрде кашка.

*15.03.09.*

## Барар жериң...

Айтчы адамдар, бул дүйнөгө эмне келдик?
Алдым-жуттум жашоо үчүн термеледик.
Аз өмүрдү конок кылып,
Ак кепинге ороп туруп,
Асылдарды, жакындарды, жашын дагы жерге бердик.

Абай салчы, бу жалганга жөнгө келдик.
Акчалууну, башкарууну, такталууну өйдө көрдүк.
Аялуу тамы, тагы кошо калып,
аяр уучтап топо салып,
Айыл болуп бараткан дөңгө бөлдүк.

Аңдап көрчү, жаралганы эмне жеңдик?
Ааламга жол салсаң да тен берерлик.
Ажал жетсе жүрөк кармап,
Алмак-салмак күрөк кармап,
Ачын дагы, тогун дагы, чоңун дагы пенде дедик.

Аттиң! ай? адал-арам эмне теңдик?
Арзыбаган... аргасыз жан чыдаган кемге көндүк.
Ачуу айкырык... кошок кошуп,
андан бетер тозоктонтуп,
Арбагына куран окуп, акыры көргө көмдүк.

*2008-ж.*

## Коштошуу…

Эмнегедир жүүн-муундар бошураак.
Элдер чубап үн катпастан топурап.
Эскини кой… улам жаңы көбөйүп,
Эсили кайран дагы бирөө кошулат.

Элчиге окшоп төбөсүндө топу ак.
Эгедердей молдо мандаш отурат.
Эгебизди кабыл алгын дегендей,
Ээсин атап, куран мукам окулат.

Эгеримде табылбаган бош убак.
Эгер укса… душман мейли дос-ынак.
Энтелендеп көз көргөзүп келишет,
Эң акыркы салуу үчүн топурак.

***

Бекем кармап таканак.
Бут даңканын тазалап.
Байкем, атам үчөөбүз,
Буурул атты такалап.
Балканы чаап мыктаса,
Боорум ооруп каканак.
Бүттү акыры ошентип,
Болсун мейли басанаак.

*30.11.06.*

## Айырма...

Мүрзөлөр да бай-кедей деп бөлүнөт.
Мрамордон, граниттен салынганы көбүрөөк.
Мелтиреген сан дөбөнүн ичинен,
Менменсинип алар укмуш көрүнөт.
Мээнети күч... тирүүсүндө ким билет?
Маани бербес, өзү жатат өңү көк...

## Билбей туруп...

“Көп иччү болду” – деген...
Көр албастар тарытып жолду кенен.
Кээр сүйлөгөн ушак-айың,
Кенебес пенденин да бузуп каның,
Көөдөндөгү түшүнбөй ойду терең.
Кайдан билсин? куса-зарын...

## Обончу, аткаруучу Калмурат Рыскуловго...

Кайран кана!? Жайран бала Калмурат.
Капка шаарың капылеттен калды урап.
Кантип, кантип анткениңе ишенбей,
Капысынан түшкөн өңдүү Ай кулап.
Кадимкидей эмнегедир үшкүрүп,
Капа болом... түшүнбөстөн жалдырап.

Каргыл үндүү, кайгы-муңдуу Калмурат.
Кайталангыс жаратканың шаңды улап.
Кара жерде жатсаң дагы томсоруп,
Кайрыктарың экинчи өмүр бар кылат.
Канткен менен тирүүлүккө не жетсин,
Көк мүнөздүү өзүңө окшоп кардыгат.

Кабырың да... айылың да каңгырап.
Качандыр бир сен жашаган там турат.
Көңүл сыздап ыйлачудай абалда,
Көрсөң азыр туралбайсың жан чыдап.
Калган жокпу? туяк, тууган, жакының,
Куран окуп эскергендей жай сурап.

Кургур белең? булбул элең, Калмурат.
Кудай таалам эмне эрте? алды бат...
Куу чаптары Ак-Талаанын бозоруп,
Күңгүрөнүп жоктоп үнсүз кайгырат.
Күү-обонуң калк аралап жаңырса,
Көзгө элестейт отуздагы зар курак.

## Жаш калемгерге

Энеден эрте айрылган.
Эчкирип ыйлап кайгырган.
Эзилип сырды ачтыңбы,
элирип ырды жаздыңбы?
Эселек кезде маң кылган.

Эркелетип чай сунган.
Эмнегедир бал куйган.
Эсил кайран апакең,
эскергениң аза экен…
Эми тоспой алдыңдан.

Эки жакта зар турган.
Элес-булас ал туйган.
Эреркеп сага жүрөгү,
эжелеп сиңдиң билеби?
Эстеген сайын дал кылган.

Эселеп өмүр шар жылган.
Эсебин албай ай-жылдан.
Ээликкенде табалган,
эч ким качпас ажалдан,
Этеби-кечпи? жан курман.

Эш тутарың бар сыйган.
Эмне десең камды урган.
Эне-атасыз дегизбес,
эч нерседен кемитпес,
Эже-агай эмес, ар кыл жан…

Эндиктей жүзүң албырган.
Энчиңдей үмүт жандырган.
Эргүүбүз бирдир… аярым,
эстүү болгун, карагым…
Эл көзүнөн таң кылган.

*03.03.09*

## Көнгөн адат

Жетимиш үчкө атам мына баштанып.
Жеңил минип, чаап жөнөсө аттанып.
Жандап-колдоп сыйлай билер алпештеп,
"Жөн жүрбөйт ко... карыганда кантет" деп,
Жанын аяп апам коркот сактанып.

Жылдар өттү... андан бери жаш карып.
Жылкы завод. Жаштайынан ат багып.
Жалдан кармап азоо үйрөтүп мингенин,
Жарышканда далай чыгып келгенин,
Жомок кылып... айтып калат мактанып.

***

Бардарчылык ким каалабайт жашоону.
Баркын билбес түркөйлөрдүн пас оюу...
Болгон сайын битиреткен,
Байкоосуз кемий калса ичи өткөн,
"Байлык" деген мээни жеген баш ооруу...
Баамдай алсаң түшүн кептен.

*30.05.09.*

***

Таң агарып нур таратты күмүштөй.
Тирүү жанды алга сүрөп үмүттөй.
Түндү тоскон акын турду ойлонуп,
Төө кырларда чуркап жүргөн күлүктөй.

## Белги

Баскан кезде энин салып кулагын.
Бала сымал бакырганда улагым.
Болушайын дедим... бирок, аргасыз,
Боорум ооруп араң эле чыдадым.
Буга окшогон дагы канча? макулук...
Билбейм неге... оңтойсуздай турамын.

*11.03.08.*

## Улуу Жеңиш азабы...

Кезегинде тирүү кубө болушкан.
Кеп козгосо кардыккан үн согуштан.
Калтырак басып, калтаарытып денени,
Козгоп аны... не дегендей кереги,
Көзгө элестеп ошондогу ок учкан.
Күмөн эле кайра кайтып келери...

Кыргыз-сүргүн... ажал тике жолуккан.
Кырчын өмүр ажырап ден-соолуктан.
Кырчылдашып күнү-түнү кармашып,
Кылкылдаган талааларды кан басып,
Кыйын белем? тирүү калып соо чыккан.
Кыйыр-учсуз көктөн дагы арбашып...

Кабар күтүп, тирлик улап оруктан.
Кемпир-чалдар, жаш балдар оорукчан.
Карабасып жетишпесик, ачкалык,
Келин-кыздар эркек ишин аткарып,
Кокус набыт... көр да казып коюшкан.
Кош кайгыга аргасыздан жаш чайып...

Кырк миллион эр азамат Союздан.
Коргоп Мекен акыретке коюп жан.
Кыйла улут биримдиги бузулбай,
Кыйналса да жеңиш үчүн утурлай,
Көптүгүнөн, көктүгүнөн жоону уткан.
Каршы туруп душманына ушундай...

*09.05.09.*

***

Ак көңүл болуп, ак көңүл,
Азабын далай тартты өмүр.
Адам сымал маймылдар,
Арамдык ишке камбылдар,
Алып кетти жаш көбүн...

Жазымышка жараша,
Жашоо өзү тамаша

## Тебетейчен кайын эне...

Бир жылдан соң барган жерин.
Бийлемек болуп кайран келин.
Бой көтөрүп кайын энесине,
Баштады кыйынсынып бардар кебин.
– Мен келгени жоолукка жеттиңер,
билиптирсизби?...
– Балээ баспадыбы эми...
башта эмне – тебетейчен жүрүптүрбүзбү?!

*17.11.03.*

## Кошулма сүт...

Күнүгө сүт алган жерине,
кардар келип идишин сунат.
Коңшусу оозун ачып кериле,
кап ортосунан сууну куят.
– Кокуйгүн... деги мунуң эмине?
– Каап, эсиңди алгыр ыйманыңды...
кашайып сүт кошконду унуткан турбайымбы?..

## Мингич картөшкө

Малабай күзүндө картөшкөсүн казып.
Малай да жумшады мурункудан ашык.
"Майда" деп кейиди кеседей чыкканын,
Муну күтпөгөн кошунасы Азык:
– Маке, ушунчалык тантыйсыңбы?..
мындан артык чоң болсо,
минип алып аарчыйсыңбы?...

***

Сорок дейт башка ийинден,
Суур тумак башта кийилген...

*29.11.03.*

## Учкашчу ит...

Бөтөлкөлөшкөн азабын тартып кечтин.
Баш жазаарга табылбай эч ким.
Бири-бирине жолугуп жоробайлар,
Башын чыгарып тоорумай кептин.
Базарбай: – Итке минип калдым...
Боке: – Ал да жакшы, ити жок жанмын.
Балтабай анда: – Билдим шартыңарды,
Баке, Бокени итиңе учкаштырып алгын.

***

Чоң болгону менен кулпу…
чиедей ачкыч жок,
чыйрыгып көпкө турчу…

*05.05.04.*

## Жасоол

Койкоюп капкара костюму.
Колтукта куралдуу капчыгы.
Кожоюн кайтарган кароолчу,
Кокустан кетүүчү сакчыбы?
Кара жанын байлаган,
Канча турат баш куну?...

*02.11..04.*

## Мугалим

Мойнунан түшүрбөй галстук.
Милдети опол тоо, алыстык.
Маяна азына карабай,
Мээнеткеч ушулдур жарыктык.
Миңдеген билимдүү өстүргөн,
Мынакей каякта? калыстык...

*03.11.04.*

***

Кезегинде кышында деле.
Кайран токой чытырман эле.
Кечээки турган бүгүнгө калбай,
Көрсө мезгил ушундай беле?...

Кана ошол токоюң барбы?
Кууraган гана сокогуң калды...

*29.11.04.*

***

Айыл-шаарда чыт курсактар бөтөнчө.
Ар кай жерден жыйнап келип бөтөлкө.
Аны акчага айырбаштап өткөрөт,
Азыр-кийин эмне болот көтөрсө?

*21.10.06.*

***

Күркүрөтүп эгинин чаап кара Акмат.
Курбу-доско той жасады шарактап.
Күйөөсүнүн бул кылыгын кой дебей,
Күүлдөй берди аялы да далактап.

Кийинкисин ойлонбостон ал акмак.
Күндүгүнө жорго минип таң ашпас.
– Куучуңдабай колдо барда алып кел,
Кайдан-жайдан болсо дагы арак тап.

Келген-кеткен шаан-шөкөт аяктап.
Кайран эргул өзүн-өзү карактап.
Көрөңгөсү какшып бүтүп акыры,
Көрүнгөндөн буудай сурайт табактап.

*07.10.06.*

# Ташка да жылуулук бергим келет

***

Шагылдуу боордо булактан.
Шылдырап ылдый суу аккан.
Шоонага тизип койчудай,
Шурудай таштар кулашкан.

*1995.*

## Үп

Күндүн ысык аптабы.
Күйгөн оттой каптады.
Кыйналып араң тургансыйт,
Көгөргөн чөптүн баштары.

*1995*

## Эскертүү...

Бийик тоонун чокуларын кар басты.
Белги берип кыш мезгили алгачкы.
Бирок биздин чубалжыган көчөдө,
Буруксуган упа болгон чаң жатты.

*1998-ж.*

## Өткүн

Жайбаракат кара жолдун боюнда.
Жаап кирген күтүлбөгөн добулда.
Жанымдагы курбу кызым экөөбүз,
Жер таппадык жашынгандай коңулга.
Жүзүбүздү тосуп бердик аргасыз,
Жаш баладай сонуркабас оюнга...

*1998.*

## Кыш ызгаары

Удургуган сүрдүү бурганак.
Уюлгутуп карды буйдалап.
Узун өскөн мырза теректер,
Ултунгандай катуу кыйналат.

Улуп-уңшуп укмуш сурданат.
Урунаар жоо зоону жулмалап.
Учурчудай чарпып өткөндө,
Учкай жылып мөңгү кырданат.

Узап кетпей аста... сыйдараак.
Учуп-күйүп кокту-жылгалап.
Унчукпастан көргөн далайын,
Уч-кыйыры бийик кыр калат.

Ункул-чуңкур жерди жылмалап.
Улам тоңуп болуп сыйгалак.
Үшүгөнүн эстен чыгарып,
Улан-кыздар тебет жылгаяк.

Ушул учур каардуу кыштагы.
Улуу тоонун бүтпөс ызгаары.
Утурумдук салган көпүрө,
Үстүн жапкан дайра муздары.

*18.02.98.*

## Жалбырак

Көркөмдүү кылып жаздагы.
Көйнөгүн берип жапжаңы.
Кайрылып кайра келбестир,
Киринтип жууган ак жааны.

Калдайган бийик бактагы.
Калдырап барик шактагы.
Күнү бүтүп бараткан,
Кусалуу өңү сапсары.

Күчү калбай баштагы.
Күзгү жел үзө баштады.
Кайратын жыйып акыркы,
Кенедей боюн таштады.

Көңүлдөн кетпес сакталуу.
Кезинде сонун жаш чагы.
Коштошуп жатты аргасыз,
Катуусу жердин таш дагы.

*23.09.98.*

## Илгери умут...

Тынбай тамган тамчылар ташты кезеп.
Тиричилик беруучу жерге өтөт.
Тамыр байлап күндү карай умтулуп,
Татынакай а балким, гүл да өсөт...

*

## Белгисиз...

Сөрүгө окшош шагылдуу.
Суу тартылган сайың куу.
Сомодой кезде агызып,
Сүрүлүп калган агынды.
Сөңгөгү кошо көрүнүп,
Сербейип турду тамырлуу.
Сыйрылып араң турганда,
Сыртына балта чабылды.
Сүйрөтүп барып токойчу,
Сомдолуп отко жагылды.
Сүйүнүп аста жылынып,
Сезгендей жылуу табыңды.
Сызылта түтүн булатып,
Самоорго дагы салынды.
Суроолуу калды билинбей,
Сомбу тал же кайыңбы?...

*25.11.98.*

## Күндүзгү Ай

Жер Шарынын картасына окшогон,
жартысынан бөлгөн өңдүү теңделип.
Жанындагы жылдыздар жок коштогон,
жалгыз өзү бара жатты термелип.

## Эбепке-себеп...

Миң түрлүүсүн улам бирден тандашып.
Мээнет кылып ширин балды камдашып.
Мейкиндикте учуп жүргөн аарыдан,
Майин гүлдөр калат белем чаңдашып.

## Өксүк

Сыйрылып бутактары кара бактын.
Сыртынан билинбеген жара таптым.
Сууктагы оронгону бубак болуп,
Сызылып мен ичимден аяп жаттым.

## Үрүл-бүрүл

Күн уяга тоо этектеп камынып.
Күлгүн түсү булуттарга жайылып.
Күн өмүрү бүтүп барат жарыктын,
Көздүн жоосу бүдөмүккө карыгып.

Көксөгөндөй ким бирөөнү сагынып.
Көңүл дегдеп жолугууга зарыгып.
Кезигишчү алыстыктар жакындап,
Келет кечтер аста жылып агылып.

Күүгүм талаш чажырага талыгып.
Канаттарын кере жайып кагынып.
Куштар дагы уясына пааналайт,
Кандайдыр бир муктаждыкка багынып.

Кулач сайын акырындан тагылып.
Күңүрттөгү ак шамдардай жагылып.
Кубулганда жылт-жулт этип жылдыздар,
Көк асманда өзгөчө түр жаңылык.

Кыл чокулар мөңгүсүнө чагылып.
Кара жер да буурул түндү жамынып.
Каалаганда жаңы турган сулуудай,
Көшүлгөн Ай чыгат кайра жаңырып.

Күтүлбөгөн жорткон желге камыгып.
Кызга окшоп боюн түзөп жабылып.
Күтөт таңды башкалардан сүйкүмдүү,
Кыйла гүлдөр шүүдүрүмгө чайынып.

*15.08.99.*

***

Буурул түн... айлана тунжурайт.
Бук толгон жүрөгүм ургулайт.
Бир гана обону бүтпөгөн,
Буулуккан дайра үндү улайт...

*13.02.2000.*

## Адеми Ай

Тартып турган жакын дүйнөм аркылуу.
Түшүнгөнгө баалай билген баркы улуу...
Түнт мүнөздө табышмактуу сыр бардай,
Түн ичинде нурун чачкан Ай сулуу...

*03.03.2000.*

## Ойноок

Кара жолдун топурагын сапырып.
Кырка өскөн бак-даракты жапырып.
Кулак туна кыйкырганга карабай,
Кете берди кылчайбастан шашылып.
Кыялы бар... шамалдын да баладай.

***

Аппак кар аста гана себеледи.
Аязсыз жылуу өңдүү теребели.
Аярлап алакандай тосуп алган,
Аялуу карап койом Жер Энени.

## Жаңы тирлик...

Жалган куран. Кар борошо удургуйт.
Жэн жаабастан уйулгуйт да, уйулгуйт.
Жаш баладай мөгдөп ыйлап жаткансып,
Жерди чапчып, жылуулуктан кунун кууйт.
Жаны канча кыйналганга карабай,
Жалап-жуктап эчки үч эм, уйум тууйт.

*07.03.05.*

## Көрк...

Шамал келсе капталынан качырып.
Шыгырабай жерде жаткан чачылып.
Шаанисине чыга түштү заматта,
Шыбактардын күмүш түсү ачылып.
Шөк турганда баркын билүү каякта?..

*10.08.05.*

## Собол

Кыш кычырап түн түшүрүп бороондуу.
Какшап турду муңу бардай обондуу.
Көчө менен келе жатам ойлонуп,
Көңүл кушум кайда учуп жоголду?

Карт дарак да чырпык эле чоңойду.
Күздө куурап, жазда бүрдөп торолду.
Карачы эми бутактары тарбайып,
Көркүн берер сан жалбырак тонолду.

Кара жер да аппак карды оронду.
Качанкы бир эске салып ойонду...
Кыр көрсөтүп шамалы да жулунат,
Кирип-чыгып аңдабастан тоо-ойду.

Катуу суукта чыны жашоо оңойбу...
Карап туруп таштайм мындай соболду.
Көп үйлөрдү жылытканга от үчүн,
Канча бактар... болду экен коромжу?

*11.11.2000.*

## Добул

Күркүрөгөн күздүн маалы.
Күүгүм жара чагылганы.
Кошул-ташыл мөндүрлөгөн,
Күтүлбөгөн жамгыр жаады.
Күйпөлөктөп асыл энем,
Күнгүрөнүп үч уй саады.

*16.09.05.*

## Жаңылануу...

Төктү жамгыр, токтобостон төгүп келди.
Так секирген тамчылар чолуп жерди.
Талаа, токой, тоолор да кубанышып,
Тазарганга өз оюндай болуп берди...

## Шордуу...

Боздогон чаптар боздогон.
Бооруна тоо да кошпогон.
Бозоргон өңү оңолбойт,
Ботодой жанга окшогон.
Боюнан ылдый куюлуп,
Болбойт ко жашы токтогон.

*13.03.06.*

## Айласыз...

Кеч күздөгү карабакты.
Келип шамал карабасты.
Комсоо ичке бутактарын,
Кирип-чыгып салаалатты.
Кайкып-ойкуп жалбырактар,
Кай бирлерин талаалатты.
Кантмек эле анан байкуш,
Керт башына жан алакды.

*06.10.06.*

## Суу күчү...

Кар-мөңгүлөр көрөңгөсү дайранын.
Каршысына бекем туруп ар дайым.
Кездешкени тообу, ташпы, токойбу?..
Канча тоссо, ташып чыгып алмайын.
Кете берет каалагандай жол ачып,
Көлгө айланып өзү токтоп калмайын.

*08.10.06.*

## Аяз

Уз жасаган чебер колдун курагындай.
Учу менен бойобой да, сыя кылбай.
Утур таңда терезеге чиймелейсиң,
Укмуш сүрөт түшүрүп кыялыңдай.
Уйкусурап жаткандар кайдан билсин?
Улам жууркан оронуп бубагыңдай...

*23.11.06.*

## Туңгуюк...

Ачык туруп, бүркөлүп да келди күз.
Айланага өңү өчкөн берди түс.
Азып улам күүгүм тартып бараткан,
Алды жакта эмне күтөт? белгисиз...

## Чилде

Көп кыштын бири... көп кыштын.
Көк муздун доору... көк муздун.
Кабарын айтып кыйлага,
Какшанып ызгаар муңдана,
Көк муштум кылып, көк муштум.
Кара нардай чыйрала,
Кычырап кырк күн чөк түштүң.

*10.01.09.*

## Аңдабасаң...

Кокустан пайда болду...
Колума чиркей конду.
Кууратан байкуш десем,
Кумсарта алды бекем,
Кумарлуу канды сорду.
Көрсө кеп башкада экен...
Коркунуч кичик-чоңбу?

*03.04.09.*

## Эмгекчил

Кыйма-чийме уюкта.
Кыймылдап бүтпөс жумушта.
Кыбырап такыр ээринбес,
Кылган иши билинбес,
Кыйын чыны кумурска.
Кыйла жандан жеңилбес.

*05.04.09.*

## Акыбет...

Ээн талаада мом курган.
Эртелеп өңүн кам кылган.
Эчен гүлдүн ширесин,
Ээринбей издеп жүрөсүң,
Эмгекчил аары бал жыйган.
Эгерде татсаң билесиң,
Эмне экенин? жан курман...

*05.06.09.*

***

Ар жандууга эң керектүү касиет,
ал сулуулук сактап турган дүйнөнү.
Аёо сезим, чын дилиңен таазим эт,
алып берип жылуулукту Күндөгү...

***

Шагын ийип дарактарды сыдырат.
Шайы оогондой жалбырактар шуудурап.
Шогу кармап ойдо жок,
Шайтанга окшоп жорголоп,
Шамал болбой жулунат.
Шөк турбастан ойдолоп,
Шашмалыгы деги качан? тыйылат.

*02.07.09.*

чымды алат — бөлүнбөйт,
юлат — көзгө көрүнбөйт,
ундайт — толук төгүлбөйт

## Үч бурчтук...

Аёо, бакты үчөөбүз.
Алда нени күтөбүз.
Ара жолдо калганга,
Араң эле түтөбүз...

Аруу ойго түшөбүз.
Аалам жиреп сүзөбүз.
Аттиң! бирок арманда,
Арачыдай күч эгиз...

Ак ийилди түзөгүс.
Ар-намыста бүтөгүс.
Албетте... биз балким,
Үч бурчтукту түзөбүз...

## Кызга кымбат сезимдеги арзуусу...

Күн коштошуп тоо артына батты да,
нуру калды булуттарда кызарып.
Кыз кыялын күлүк ойлор азгыра,
наз жүрөгү үмүт менен узанып...

Көрүнүштөр кулпуп турган көктөгү,
үрүл-бүрүл жибергендей күүгүмүн.
Көрктүү кылган жанындагы чөптөрү,
үлпүлдөгөн гүл жамынаар шүүдүрүм.

Жан-жагына жылт эткени ийнедей,
сан жылдыздар шамга окшоп түптөгү.
Жалгыз кана кирпиктерин ирмебей,
санаа чегип табышмактуу күткөнү...

Бейкуттукта өкүм сүрүп айлана,
кандай кызык табихаттын тартуусу.
Басып келип терезеге жай гана,
кызга кымбат сезимдеги арзуусу...

*1995-ж.*

## Жаралуу жашты сездиби?..

Жаздагы жылуу жел келип,
жан дүйнө сырын козгоду...
Жоголбос муңу деп берип,
жалгыздык ырым боздоду...

Жолуман күткөн эмесмин,
жазымыш тагдыр кысымын...
Жашыруун бүткөн дебесмин,
жардамдын аздыр кызыгын...

Жашоонун келген запкысы,
жагымдуу жанга токтоду...
Жарыктын берген бактысы,
жалындуу таңга окшоду...

Жаштыктын мүрөк деңизин,
жаздым да тиктеп коштодум...
Жароокер чүрөк перисин,
жабыркап издеп жоктодум...

Жалбырак учкан күздөгү,
жалооруп бакты кеттиби?
Жакыны туткан күткөнү,
жаралуу жашты сездиби?

*15.03.97.*

## Эрөөлү жок сырдуу сезим курманы...

Көкүрөктөн чыккан катуу үшкүрүк,
эмнегедир таш жарганга барабар...
Карааны жок бир өзүңдү күттүрүп,
ээн талаада келе жатам жарадар...

Каным катып тамчы сууга зарланып,
эс-учунда бийик туткан адамдай...
Келгин куштай келсең кана айланып,
эсил жаным түшкө кирген аяндай...

Көз алдымда тартылганда элеси,
эрме чөлдө адаштырган закымдай...
Кармай албай ашыктыктын денеси,
ээлиги жок баардыгына баш урмай...

Канча адамды суктандырган өңүндөй,
эзелкиден бир жаралган Үрсүңбү?..
Кайып болуп кеткен өңдүү көрүнбөй,
эгиздикте кол жетпеген гүлсүңбү?..

Кайда барат? көчмөндөрдүн кербени,
эңшерилген изи калган кумдагы...
Күчтү жыйнап эң акыркы демдеги,
эрөөлү жок сырдуу сезим курманы...

*22.03.97.*

***

Көп жылдыздын арасында Үрсүңбү?
Көктө жанган Айсыңбы же Күнсүңбү?
Көз ирмемим... күнгө татып турганда,
Көргүм келди, ууртуңдагы күлкүңдү...
Кан-жанымды аралаган жылуулук,
Кала берди жүрөгүмдө сүйкүмдүү...

***

Жаз гүлүндөй миң-бир түркүн кубулган.
Жан дүйнөмө жарык берген нуруңдан.
Жик билгизбей шоола чачкан сыяктуу,
Жол издедим... бир өзүмө буюрган...

## Кадыр түнгө сүйүүбүз үргүлөсүн...

Көзгө басар көктөгү сүмбүлөсүң,
Кызгалдактай куллунган гүл мүнөзүң.
Кыраакылык кылсам да канчалык мен,
Көп нерсени билгенге үлгүрөсүң...
Карлыгачтай канаттуу тынымы жок,
Карегиндей сактаган жан бүдөөсүн.
Кичинекей мээримди кабыл алып,
Кечирип кой, сезимдин бар күнөөсүн.
Көпөлөктөй гүл сымал кыналышып,
Кадыр түнгө сүйүүбүз үргүлөсүн...
Коюндашып күтөлү экөөбүз тең,
Капалыкты айдаган таң сүрөөсүн...

* * *

Түгөй кылбай бир өзүңө асыл жар.
Төрт мезгилде гүлүн ачкан жазым бар.
Тагдыр мага ташбоордугун салса да,
Түбөлүккө эстеп калаар акым бар...

* * *

Өмүр улам барган сайын тумандап.
Өкүнүчтөн кантип көңүл кубанмак.
Өлбөс үмүт оту гана тутанып,
Өксүү менен ыйдан бугун чыгармак...

* * *

Сыйкыры бар жалын болуп каптаган.
Сезим күчтүү бийик турат башкадан.
Суук көздөр көралбастан күнөөлөп,
Сүйүүм үчүн алса мейли ташбараң.

## Таржымалы кала берет айтылуу...

Туман түстүү пардалары тартылуу.
Төбөсүндө бираз ачык чарчылуу.
Турду далай убакытка чүмкөлүп,
Терезелер муңу бардай тамчылуу...

Түшүнүксүз кимге кандай? айкыны...
Теңдиги жок жашоодогу жанчылуу.
Түгөйлөшүн таштап кеткен аргасыз,
Тилегени ишке ашпай жартылуу.

Түнөгүндө орун алган камтылуу.
Түйшүгү бар ар адамдын артылуу.
Тумарындай көпкө дейре сактаган,
Табышмактуу жүрөгүндө жан сыры...

Түнү-күнү ачылбасын жарпыны.
Таасын билди көз карашы аркылуу.
Туруктуулук сактап жүрүп акыры,
Табалбады өз бактысын ал сулуу...

Түпсүз дүйнө көрүнбөгөн артыгы.
Тиричилик бир келүүчү жарчыбы?
Татынакай канча жанды мөгдөтүп,
Таржымалы кала берет айтылуу...

*07.08.97.*

**Баяналуу эстен кетпес суулуккан...**

Баалуулугуң жөнөкөйлүк туу туткан.
Бекемдигиң сезим менен буйруктан.
Билинбеген жан дүйнөңдү иликтеп,
Бир өзүндөн табышмактуу уу жуткам.

Бар кезиңде жүрөктөгү буулуккан.
Буурчак жашты көздөрүңөн ыргыткан.
Баягыдай көрүнбөгөн ал күндөр,
Баяналуу эстен кетпес суулуккан...

## Жалжалым...

Жүзүңдөгү жылдызың жанып турган.
Жоодураган көздөрүң багып турган.
Жалпыга пери элең чындыгында,
Жамалың айлананы жарык кылган.
Жолугуп күндөрдүн бир... күндөрүндө,
Жаз түнү экөөбүздү табыштырган.

Жан дүйнөң эмнегедир тарып турган.
Жаш тынбай көздөрүңөн агып турган.
Жаш бала үнүн укпай көптөн күткөн,
Жар болуу кабырганды кайыштырган,
Жардамга муктаж белең ушунчалык,
Жан үрөп туйлагандай балык кумдан...

Жоошутуп кеп чыгарып калп-чындан.
Жөн жерден өзүңдү да айып кылган.
Жасаган кызматыңда көзгө илинбей,
Жашоонун жеткен чеги кагып турган.
Жаңылып калганыңа катуу өкүнүп,
Жуурулуп чыгалбадың намыс-муңдан.

Жалтанбай учурунда барып тургам.
Жаңжалды күндө көрүп каныктырган.
Жададым кетем дедиң акыр жүрүп,
Жек көрүү сөзүн айтып жабыктырган.
Жандуунун махабаты кыйын экен...
Жүрөктүн ортосуна жарып сыйган.

Жүзүңдөгү жылдызың жанып турган.
Жоодураган көздөрүң багып турган.
Жакшына тилегибиз ишке ашпай,
Жалындуу жаштыгыбыз кайып кылган.
Жалжалым кайда жүрсөң аман жүргүн,
Жазгы түндөй эстен кетпес зарыктырган...

*20.03.98.*

## Айласыздан чарпып калды ак кумду...

Аккуу сымал көл үстүндө ташкындуу.
Аалам жиреп канатыңды кактыңбы?
Алыстыкты жакын кылган кыялдай,
Адеми элең... жүрөгүндө ак сырлуу.

Алгачкы ирет көргөнүмдө нак сындуу.
Аянычтуу көздөр гана жаш муңдуу.
Аео сезим арбаганда өзүңдү,
Айтпасаң да билип турдум запкыңды.

Аруу чырай бир жаралган назсыңбы?
Ачса гүлүн мөмө берер шаксыңбы?
Адегенде кызык болуп сезилген,
Ариетиң кийин неге кас кылды?

Айттың мага;- жаңылдымбы, жаздымбы?
Анык сүйүү кечиктирген бактымды...
Асылкечим эмне эрте жолукпай,
Арман кучөп мөгдөгөндө таптымбы?

Азыр дагы эстеп өңдөн аздымбы...
Ага күбө сагындырган жаз жылды.
Аккуу бойдон кеткениңде аттиң! Көл,
Айласыздан чарпып калды ак кумду...

*22.03.98.*

## Сендик болом деди тиги дүйнөдөн...

Санаа тартып адам жоктур сүйбөгөн.
Сагынычтан кусам артып күн көрөм.
Сыноосуна коюп татаал тагдырдын,
Сызат күндөр дубурт салып дүрбөгөн.

Салкын аба жаз учуру бүрдөгөн.
Сыртта бейкут айлананы чүргөгөн.
Себепкери болгон анык сүйүүнүн,
Сырдана түн ынактыкка үндөгөн.

Сыпайы бар көргөн жандар сүрдөгөн.
Сөз табылбай тилди кошо күрмөгөн.
Сабырдуулук сымбатыңа төп келип,
Сиан белең дарылоого гүлдөгөн...

Сезим үчүн кимдер кана күйбөгөн.
Сырын издеп мен далайга күймөлөм.
Сулуу айтты; - бул жалганды кечирсең.
Сендик болом – деди тиги дүйнөдөн...

*22.05.99.*

* * *

Арманыңды көз жашыңан чыгарып.
Аппак жүзүң ачуусуна чыланып.
Аргасыздан үмүт чиркин үзүлбөй,
Аттиң жашоо! өтүп жатат уланып.

* * *

Өмүр жашым калгычакты түгөнүп.
Өзүң сындуу жүрөгүмдө гүл өнүп.
Өзгөчө күч, сезим менен жаралган,
Өлбөс ырлар кала берер түбөлүк...

* * *

Жүрөгүмдөн орун алып асылдай.
Жазыгы жок мөлтүрөгөн жашыңдай.
Жалгыз кана сен жөнүндө ойлонуп,
Жапа чегем бир белгисиз акындай...

## мезгилдин соолбойт дайым өз гүлү...

Ак жаан болуп көз жашыңдын өткүнү.
Арман толо ак жүзүңө төктүбү?..
Асыл ойлор экөөбүз тең тилеген,
Ак булуттай алыс жакка көчтүбү?

Араласам из жашырып чөп бүрү.
Ай жарыкта барган элем көп түнү.
Аярлагын дечү мага боор ооруп,
Адеми өң... аянычтуу көз сүрү.

Ак шам жагып улуу сезим көктүгү.
Аттиң! кана? жалындабай өчтүбү...
Арабызды бөлүп салып кур намыс,
Айтса бүткүс кала берди өксүгү...

Акыр жүрүп кез келгенде өз күнү.
Актык жеңет, ал жалгандын өткүрү.
Адашып биз эки жерде жүрсөк да,
Ал мезгилдин соолбойт дайым өз гүлү...

*09.03.99*

* * *

Баардыгын тең терең ойлоп бүтүндөй.
Бирок жалгыз бул туюмга түшүнбөй.
Баелуктан башка айһа табалбай,
Байкуш белем... үмүт чиркин үзүлбөй.

* * *

Бул турмуштун күн-түнүндө сындалган.
Барган сайын күчкө кирип чыңдалган.
Балким менин... башкаларга окшобос,
Бугум бардыр... жан дүйнөмө жыйналган.

* * *

Сагынычым көөдөнүмө батпай барат
Сандугачтай сайрабай, какпай канат.
Сүйүнүчүм кайгыны коштоп келип,
Сырдана оюм жүрөктөн жаштай тамат.

## Эңсегенде бакты гүлүм баралбай...

Эр сыңардай канатымды кагалбай.
Элжиреткен сезим отун жагалбай.
Эмнегедир алсыз сезем өзүмдү,
Эңсегенде бакты гүлүм баралбай.

Эриш бузган сүйүүбүздү аярлай,
Эзилишип сыр чечишкен аянбай.
Эстегенде ошол акак түндөрдү,
Эх! кантейин айтып бүткүс баяндай.

Этияттап колго кармап калалбай.
Эңшерилген турмуш изи тамамдай.
Эркибизге койбой тагдыр, ар-намыс,
Эсесине чыкпай калдык чагаандай.

Эч бир дары айыктырбас жарамдай.
Эки ачакей жолдо турган адамдай.
Эми бизди жолуктурбас кайрадан,
Экөөбүзгө тең караган жарандай.

Ээлиги жок жүрөгүм да жай албай.
Ээсин издеп бирок аны табалбай.
Эскилиги жетсе дагы оңдолбос,
Ээнсиреген көчө менен барам жай.

*22.03.99.*

## Көнөктөп төгүп турар тагдыр ырын...

Күн дагы бир башкача чачты нурун.
Кар кетип көк чыкканда асты мурун.
Качанкы эске түшөт ошол учур,
Кылайып бой көтөрсө жазгы турум.

Кыйналам бирок билбейм акпы дилим.
Көз жашым куюлткандай запкы кирин.
Кубаныч-кайгысына жууруп келип,
Көңүлдө сезим гана татты ширин.

Ким көрүп, ким далилдеп ачты сырын?
Канчалар айтып бүткүс акты кылым.
Кайрадан мен да улап соңкусунан,
Күү салып жүрөгүмдө какты кылын.

Кечигип өз адамын тапты сүйүүм.
Кечирип баалай билүү башкы түйүн.
Кантейин аттиң! буйрук... бирге кылбай,
Кайдадыр колдон учту бакты гүлүм.

Күнөстүү күткөнүңдөй жаз жылымын
Күйүттүү, купуя сыр наз кылыгын.
Кызгалдак түгөйүнөн айрылгандай,
Көрбөдүк кызык турмуш жакшылыгын.

Көкөйдө эстен кетпес жашчылыгым.
Кыйла өмүр жашасам да азбы жылым?
Көктөгү булуттардай бугу толгон,
Көнөктөп төгүп турар тагдыр ырын...

## Бир көрүүнү ушунчалык көксөдүм

Балбылдаган шам чырагым өчпөдүң.
Билсем дагы ал учурдун өткөнүн.
Баягыдай көз алдыма тартылат.
Бар-жогуна кайыл болгон көздөрүң.
Бирок жаным эми бирге тоспойбуз,
Быйыл жаздын жер төшөгөн көктөмүн.

Баш байланып жашоосуна өзгөнүн.
Бала көрбөй көңүлүңдүн чөккөнүн.
Бул жалгандын жазганына таарынып,
Буркуратып ачуу жашты төккөнүң.
Болгонундай айтып бердиң жашырбай,
Буулуп чыгып көксөөдөгү сөздөрүң...

Бизге тагдыр көргөзгөндөй өктөмүн.
Боор толгобой алган сымал өчтөрүн.
Бар дүйнөнүн түгөнбөгөн кызыгы.
Беймаал сезим эмне мынча өкчөдүң.
Буйругу жок өмүрдөгү кыйбасым,
Бүгүн дагы сени ойлоп мөгдөдүм.

Бийиктиктин жыйып алып бөздөрүн
Булуттардын Күн жамынып көчкөнүн.
Бой көтөрүп жалбырагы жайылып,
Бажырайып алгачкы гүл өскөнүн.
Бүт кайгымды унуткарып өзүңдөй,
Бир көрүүнү ушунчалык көксөдүм...

*08.01.2000.*

* * *

Артымды ойлой келсем… чач агарат.
Айтууга сөзүм жетпейт атаганат!
Адамдын асылдыгын көрө билсең,
Ашыктык түбөлүккө таза калат.

* * *

Баркын билбей убагында учурдун.
Бакты кушун өз колуман учурдум.
Байистүүлүк бийик болуп баарынан,
Билинбеген Айга окшош тутулдум…

### Ушундай бир керек болчу жарыгың...

Уч-кыйырсыз начар сөздөр чагымын.
Уккум келбейт, баарын түгүл жарымын.
Уйгу-туйгу түнгө калган күндөрдө,
Ушундай бир керек болчу жарыгың...

Учур күтпөйт карап өмүр байырын.
Убайым жеп... көрдүм жашоо сабырын.
Убарасы канча экенин ким билет?
Ушул балким, менин тартаар айыбым.

Уюп калган кан жүгүрүп тамырым.
Улам кыйнап сага деген жаңы ырым.
Умаштай көз таңды тосту эртелеп,
Узун жолду тиктей берип талыдым...

Үмүтүмдүн билгиң келсе аныгын.
Ур кызындай бийик беле... кадырың.
Убагында чогу калган өчпөстөн,
Учкун күйүп, алоолонтот жалынын...

*10.12.2000.*

* * *

Жаздагы Айлуу түн буурулу.
Жаш чайган жүзүңдү жуудубу?
Жалжалым жолукпай калганда,
Же менден көңүлүң суудубу?..

* * *

Жуп келген мүчөң Аккуудай.
Жүз берген таңда атчудай.
Жароокер жанга туш болсоң...
Жете албай жүргөн бактыдай.

## Көпкө чейин моокум кана бийледи...

Күз мезгили жалбырактар саргайып.
Көрктүү бактын бутактары тарбайып.
Көчөдөгү сан үйлөрдүн биринде,
Күлгүн курак үн чыгарды шаңданып.

Кенен бөлмө терезеде Ай жарык.
Кыз кылыгы жүрөгүмдө байралып.
Кызыктыра кадам таштап акырын,
Кыймылы укмуш келе жатты жанданып.

Көргөн көзүм ишенбестен таңданып.
Купуя күч барган сайын арбалып...
Кадыр түнгө жуурулушуп денеси,
Коштолгондой музыкага жалганып.

Кумарлана көкөйүнө шам жагып.
Көпөлөктөй жаны калбай айланып.
Курбуларын капар албай өзүнө,
Көлөкөдө кош канаты калдайып.

Көөдөн бугу алып-учуп дилдеги.
Кудурет шык кандайдыр бир бийдеги.
Куюлушуп төгүп турган шооладай.
Көпкө чейин моокум кана бийледи.

*16.09.97.*

**Жүрөгү кимдин кана оорубаган...**

Жоодураган көз эле, жоодураган.
Жалооруп карагандай тоону агаң.
Жылмайып кирпигиңди ирмеп койсоң,
Жүрөгү кимдин кана оорубаган...

Жүрүңүз сөзүн айтып долуланган.
Жалгызмын десең кээде чогуу барам.
Жашыруун сезимимди бийик тутуп,
Жакшына тилек менен жолугалам.

Жигиттер көп жүрөт ко.., кодулаган.
Жаныңдан алыс кетпей оюу арам.
Жазгырып кыябына келген кезде,
Жоолашкан түндү күтүп коюулаган.

Жазылбас тагдырлар бар жолу жаман.
Жашынып чыдай алгыс шору баян.
Жараткан жан дүйнөмө таңданамын,
Жакындай ар бир пенде боору маган.

Жагымдуу өңдөн кетип, оңуп анан...
Жандуунун гүлү болбойт соолубаган.
Жалжалым сунушумду туура көрсөң,
Жашоодо түбөлүккө чогуу калам.

*20.09.99.*

## Издеп барам чөл кезип...

Купкуу болуп ооругандай өң кетип.
Кум куюлган улам жаңы дөңдү эшип.
Кыйналсам да боорум менен утурлайм,
Көктүк мүнөз эмне экенин көргөзүп.
Көздөрүмдү закым өңдүү азгырган,
Карааныңды издеп барам чөл кезип...

***

Жаш эмессиң, ташта турмуш кадамын.
Жалгыз сенсиң менин сүйгөн адамым.
Жан дүйнөмө кудурет күч жараткан,
Жалын чачып, күйүп барат карааның...

## Жазыксыз карагым ай...

Жалооруп карагыдай.
Жароокер аягыдай,
Жылдызың бүлбүлдөгөн.
Жаналбай баягыдай...
Жаңылуу өзгөрттүбү?
Жашоодон тажагыдай...
Жашыруун төгүлөсүң,
Жалгыздык караанындай.
Жөнүмдү сезсең кана?..
Жазыксыз карагым ай...

## Айтуунун кереги жок, сага чынын...

Ак топу, кара куртка жана шымың,
Ардайым төп келишкен жарашыгың.
Аттиң! ай... башкалардан бөлүп алып,
Алдыртан көз жиберип карачумун.
Аа бирок... билсең дагы, билбесең да,
Айтуунун кереги жок сага чынын...

## Ташбоордукту келе жатам үйрөнүп...

Тагдырыма салым кошкон бир бөлүк.
Турмушумду сынга алып күндөлүк.
Түнү-күнү көз алдыңан кетпеген,
Тал чачыңдай жүрсөм деле сүйрөлүп.
Түшүнсөң да, баалай билбес өзүңдөн,
Ташбоордукту келе жатам үйрөнүп...

**Ааламдын сыры, жетпеген түбүң түшкүргө...**

Асманда Ай
атүгүл жылдыз үстүндө.
Артында эмне?
белгисиз ары түпкүрдө...
Айлана аппак
баардыгы бирдей чулганып,
Адамга кызык...
өзгөргөн сайын бүт дүйнө.

Аяздуу мезгил
доорунун сүрсө кыш чилде!
Аялуу карап
акырын басып кыз бирге.
Ачыгын айтты,
сезбегем суугун жеримдин,
Атайы келип,
кеткенде деле тыш жерге.

Алмалуу бакча,
абалын көрүп үшкүрбө?..
Аа балким жандуу,
арманы күчөп мушкулдө.
Аярлап туйчу,
көктөмү бардыр анын да,
Алдыда күткөн...
а ажары чыгып жүз түргө.

Агарган булут
карарып барат суз түнгө.
Айсберг болуп
мухитке окшоп муз жүрмө.
Аягы кайда?
акыры качан... түгөнөт,
Ааламдын сыры,
жетпеген түбүң түшкүргө...

*25.12.99.*

## Өз сүйүүсүн айткандан кыз жазганат....

Өзгөлөрдү көнсө дагы какмалап.
Өжөр мүнөз бактысына чакталат.
Өкүмдары болуш кыйын тагдырдын,
Өткөөлдөн соң ким экени кашкаят.

Өнө бойдон мөлтүрөгөн жаш тамат.
Өпкөсү көөп эстейт, сыздайт, актанат.
Өткөн түндө аруулугун жоготкон,
Өзүн-өзү араң эле башкарат...

Өчпөс сезим жалынына какталат.
Өзөктө өрт жүрөгүнө капталат.
Өрөпкүтүп таштап кеткен жигитин.
Өчү бардай келер жолун акмалап.

Өөн эмес мурдагыдан башкараак.
Өөк адам бара-бара такшалат.
Өкүнүчтүн күнү бүтүп бараткан,
Өнөк жашоо кайра жаңы башталат.

Өңдөн азып кийинкисин сак карап.
Өз сүйүүсүн айткандан кыз жазганат.

*16.08.99.*

**Кайда калды? акак түндөр узуну...**

Кандай сонун ар бир мезгил учуру.
Кетсе-келбес ал өмүрдүн кушубу?
Күндөр айга, айлар жылга алмашып,
Кайран жаштык өтө берди утуру...

Күйүп-жанган мейли жайбы-кышыбы?
Көөнүм түшкөн келинби же кызыбы?
Качандагы аңыз-кепке айланып,
Калат сырлуу ырларымда ысымы...

Кумарлуу сөз айтса бүткүс учугу.
Кандайдыр бир чектелбеген укугу.
Кыналышып таң сүргүчө уктабай,
Кайда калды? акак түндөр узуну...

Көзгө илинбей кашкөй курак кызыгы.
Көпкө турбас күн нуруңдай кызылы.
Карегинен жалын чачкан от болуп,
Күчтүү дене тарап барат ысыгы...

*05.11.99.*

## Эстүү элең... күтө бил, ая жаным...

Эпадам сыр билгизбей караганың,
Элжиреп жүрөгүмдө каражаным.
Эзилип бышканындай мөмө сымал,
Эриниң... кызыл түсү помаданын.

Эгерде жакшы көрсөң аяганым.
Эмнеге? жооп бергенге жарабадың.
Эреркеп көөдөнүмө башың жөлөп,
Эч үнсүз ого бетер жараладың...

Эми алыста жүрөмүн калаадамын.
Эчен ирет ойлонуп санаадамын.
Эргүү менен жазылган ырларымды,
Энчилеп бергим келет сага дайым.

Эс-учумду түйшөлтүп зар абалым.
Эртели-кеч өзүңсүң самаганым.
Эриш-аркак жанымда болбосоң да,
Эстүү элең... күтө бил, ая жаным.

*05.01.2000.*

## Буулукканга кыйын эмес, кышкы убак...

Бороон улуп, суугу алыстан ышкырат.
Бекем өңдүү чыдабастан муз сынат.
Болжошкондон боз уланы кечигип,
Бети ысып, аны күтүп кыз турат.
Бубак басып аппак карга чулганган,
Буулукканга кыйын эмес, кышкы убак...

## Кыш кечинде жолуктурган чыйрагым...

Көңүл түшкөн арасынан кыйланын.
Күүгө салып жүрөгүмдүн кылдарын.
Кайрыгында түгөнбөгөн сыры бар,
Канча төксөм сөз жетпеген дилбарым.

Кыял менен жуурулушуп ыйманың.
Кыя өтпөй көкүрөккө сыйганым.
Карай берем эмнегедир суктанып,
Кыш кечинде жолуктурган чыйрагым.

Ким биреөлөр кыянаттык кылганын.
Көзүңдөн жаш мөлт эткени турганын.
Көксөгөнүң ишке ашпай калганда,
Катты окуп келди дедиң ыйлагым.

Кайрып алып качандагы жылдарын.
Көп жазышкан сулуулардын муңдарын.
Көөнөрбөгөн дастандардын бириндей,
Көкөлөтө мен да акындай ырдадым.

*14.02.2000.*

## Билбейм, акыр кайсы адам чечерин...

Билбейм эмне... деги кандай? экенин.
Бактылуу күн беле көрсө кечээгим...
Бу ааламга сыйбай барам негедир,
Бугумду мен көз жашыма эземин.

Буйрук – тагдыр бошоңдоткон бекемин.
Бырыш түшкөн санаасы көп чекенин.
Багынбаган нак сүйүүмдүн аягын,
Билбейм... акыр кайсы адам чечерин...

## Мөлтүр сезим, куралгандай тамчыдан

Мезгил келип айлар-жылдар артынан.
Мен чоочулап кээде кадыр-баркыңан.
Менменсиген сулуу экен – деп жүрсөм,
Мээрим төкчү кыз белемсиң жаркыган.

Мукам үндүү булбул сымал таңшыган.
Мына эми маңдайыңда бар турам.
Майин көңүл ыраазыңа таңдандым,
Мамыры өскөн жердин гүлү аңкыган.

Мунасипти сурап-билип шартыңан.
Мамилемди өзүң менен калтырам.
Маани берип чын дилиңен түшүнчү,
Мухитимсиң терең ойлуу чалкыган.

Моюнуңа бермет болуп артылам.
Мүнөтүңдү көз ирмемге зар кылам.
Мемиреген жылдыздуу түн кумары,
Мээнүү беле... дене боюң балкыган...

Мээ, жүрөктө купуялуу камтыган.
Муктаждык бар эмнегедир тартылам.
Миң-бир түндүн жомогуна уланып,
Мөлтүр сезим куралгандай тамчыдан.

*08.03.2000.*

### Турат азыр, кечтер дагы кечигип...

Түйшүк күнүн өз башыман кечирип.
Тынчы жоктой өзүмдү-өзүм жекирип.
Тосуп чыгып мен алдыңдан атайы,
Тең бөлүшкүм келди сырды чечилип.
Тилегеним ишке ашпай акыры.
Турат азыр, кечтер дагы кечигип.

### Келди сенин кучагыңа кулангым...

Келдиң мага, кечир дедиң сурандың.
Канааттанып кайра баштан чыңалдым.
Күнөөлөсө биле бербейт айрымдар,
Кемчиликти айтсаң мен да уялдым.

Кепил болгон бир өзүңө сыналдым.
Кайгыны кууп көңүлүмөн чыгардың.
Кулк-мүнөзүң жөнөкөйдөй сезилген,
Куп жараткан жылдызыбы? чырайдын.

Күңүтайым сөзүм жетпейт кубандым.
Кадиги жок ак дилимден ынандым.
Көпчүлүктөн жалгыз калган күндөрдө,
Көөдөн бугун сага төгүп турармын...

Кылык менен бирдейлиги уяңдын.
Кыз кадыры назигинди туя алдым.
Көргөн жандын карегинде тартылып,
Кырмызы гүл таажысындай буралдың.

Кимге кандай? жылмаюңа кыналдым.
Кудурети арбай салган дубаңдын.
Карап турган адамдарга карабай,
Келди сенин кучагыңа кулангым...

*20.05.2000.*

## Бедели҇нди кыла көрбө кол жоолук...

Бейпил түндө эмнегедир ойгонуп.
Бар турпатың көргөнүмдү колдонуп,
Башы кызык табышмактуу жомоктой,
Баам салдым мүнөзүңө ой жооруп.

Бейтааныштай жүргөн кезде ойлонуп.
Бурсат келсе сүйлөшүп да койбодук.
Балким бизди жолуктурган ошондо,
Буйрук беле... күтүлбөгөн жол болуп.

Боор тартып дилибизди коргодук.
Башкалардай ынак деле болбодук.
Бирок неге ошол тейден калбаст[illegible]
Бүчүрлөгөн жаздын кечин бо[illegible]

Бир байламдай моюнунда[illegible]
Бедели҇нди жасай көрбө ко[illegible]

*10.03.2[illegible]*

## Балта чаап, коет тура тагдырыңа...

Баеодон кош айтышкан наздыгыңа.
Байкоосуз доо кетирген актыгыңа.
Буркурап жаш көлдөттүң аргасыздан,
Башыңды коюп алып жаздыгыңа...

Бой таштап албууттанган жаштыгыңа.
Боорукер жардам бербейт сактыгыңа.
Басканда кокусунан тайып кетсең,
Балта чаап... коет тура тагдырыңа...

## Балким, эртең өкүнүчтүү таң атат...

Баардыгына чыдай алган жер дене,
бүт кыймылды сыноо үчүн жаратат...
Бирок кээде таңданамын пендеге,
барган сайын эмне болуп баратат...

Бирге жүрсөк ким бирөөлөр эмнеге?
биз жөнүндө ушак-айың таратат...
Билбейм мүмкүн түшүнүгү кем беле?
бир кызыктай көрбөгөндөй карашат.

Бейал мүнөз жаш эмессиң сен деле,
бүдөмүк ой, чагым сөзгө карасаң...
Болгонун айт, кайра кайтып келбе де,
балким эртең өкүнүчтүү таң атат.

Бушаймандуу бул жашоого тен бере,
биз чынында жан дүйнөнү аясак...
Бак-дарактар шуудурашып термеле,
баарда гүлдөп ачылганды самашат.

*28.03.2000.*

## Дабышсыз мезгил төшөп издеримди...

Далайга жолду карап тиктедиңби?
Данакер жалгыз караан издедиңби?
Дагы эле унуталбай эмнегедир,
Демиңе катып жүргөн күткөнүңдү...
Дамамат көөдөнүңө гүл өстүрүп,
Дабышсыз мезгил төшөп издериңди...

## Айтып коюп эрте, кэзде кеч келем…

Айдай элең кай биреөлер жетпеген.
Ал жүзүндү ак булуттар беттеген.
Андап чынын биле албас адамга,
Айлап күтүү биргелиги кеч менен.

Ачык эмес, бүт айткандан сестенем.
Аруу тилек мерчеми бар чек белем…
Аа экөөбүз үмүт кылган алдыда,
Али жолдор бардыр балким, сезбеген?

Айрым ойлор түшүнүксүз жектеген.
Андан ары толук улап кетпеген…
Ая, бирок башкалардан жөнөкөй,
Акыл калчап акырындан сөз терең.

Актык кыйын, жашоо чиркин экчеген.
Адам беле… куру азап чекпеген?
Айып этпе жалгыз калган күндөрдө,
Айтып коюп эрте, кээде кеч келем…

*13.05.2000.*

### Садагам, сени алдап эмне кылам...

Сүйкүмдүү көрүшкөндө салам дубам.
Сурандым... - жолугалы?.. анан чыгам...
Сабагың бүткүчөктү саатты карап,
Саргайган жалбырактай күтүп турам.
Сынагың көзүң жетсе каалагандай,
Садагам, сени алдап эмне кылам?..

### Бүдөмүк күздүн кечи эсиңдеби?..

Бириккен жүрөктөрдөй окшош согуп.
Беймарал үмүтүмдү козгоп коюп.
Бүдөмүк күздүн кечи эсиңдеби?..
Бир сени күткөнүмдү жоктоп тоңуп.
Буюгуп желекчеси таажы каткан,
Байистүү кала көрбө? боткок болуп...

## Ички муңдан арылгансып кайтадан...

Илең-салаң оорсунуп ар кадам.
Илкий басып ушунчалык чарчаган.
Ийри жолдо жалгыз өзүң бараттың,
Издеп келер адамда жок арканан.

Иңир кирип дайра үнү таркаган.
Илебине жеттиң кумду чайкаган.
Ирээнжиген бүт кайгыңды чыгарчу,
Ирим сууга татыбады ай-талаан.

Ибеп санап эмнегедир таң калам...
Илиясың бардыр балким байкаган.
Ирениңден көз жашыңды куюлтсаң,
Илме кайып көңүл беле? жайкаган.

Ийкеми күч муктаждыкка чаңкаган.
Илбериңки үйгө тартып сар санааң.
Имаратка жеңил сезип келаттың,
Ички муңдан арылгансып кайтадан...

Ирегелеш билим алган бар калааң.
Имерчиктеп кантип сени кайтарам.
Изгиликти баалай билсең эгерде,
Ишенимдүү болор элем жан караан.

*08.04.2000.*

## Канчалык сезимиме баш урсам да...

Карекке сырды катып купуялуу.
Көңүлдүн алып-учуп кушубагы.
Кечигип жолуктурган дарактагы,
Кокустан байкап калдым куш уяны...

Көзү жок махабатым тукурабы?
Кириптер алсыз жандай тутунабы?
Күнүгө көргөнүмө купул толбой,
Кайрадан, самай берем утур аны...

Кайдыгер эмес балким, ыкыбалы...
Кусалуу жүрөк байкуш кысынабы...
Кантейин ышкы түшүп калган үчүн,
Көөнүмдү кыйнап келет ушу жагы...

Канаттуу жаш балапан учурабы?
Ким эле? чын дилинен кызыгаары...
Канчалык сезим үчүн баш урсамда,
Күнөөдүр... аттиң! аны бузуп алуу...

*18.02.2000.*

## Зыба көрүп актыгыңдай жалынган

Заман өтөөр билинбестен агылган.
Закым толкуп бөлүнгөндөй жалындан.
Зарлап жүрүп махабатка тушуктум,
Зыба көрүп актыгыңдай жалынган.
Зирегимсиң башка кыздай өзгөчө,
Зээним кейип элесиңе тайынгам...

## Кезиктирдим аруу кыял акынды...

Кезегинде ким койсо да атыңды.
Келиштире тилегендей затыңды.
Келечекте мүдөөсү бар дамамат,
Кезиктирдим аруу кыял акынды.

Карабастан унуткарып ашымды.
Кызгалдактай эске алып назыңды.
Кыраакыдай көз жүгүртүп сынадым,
Кылдаат окуп саптарыңды басымдуу.

Кыйынсынып айтпайм деле акылды.
Канааттанып чыны черим жазылды.
Кемчилиги жок дегенден алысмын,
Кээ сөздөрүң кайталоодон басынды.

Кыйла окурман жүрөгүнө батымдуу.
Кыйнаган ыр эргигенде ташыйбы?
Калк ичинен чанда гана чыгуучу,
Каалап келем өзүңдөй кыз акынды.

*15.05.2000.*

## Түк элесиң кетпей койду оюман.

Туюмдагы сезим айла жогунан.
Тагдырыма тогошууга бой урам.
Такыр эле эстебейин десем да,
Түк элесиң кетпей койду оюман.
Түрмөктөлүп жээкке жеткен кезимде,
Толкун сымал... ташка барып согулам.

## Рисала арнайм дайым унутпай

Рам кылып кыйналууну жеңерге.
Рух дүйнөм ой сапырып тереңге.
Риваят сөздөр келет чубурган,
Роошан жүз... гүлүм өзүң дегенде.
Рисала арнайм дайым унутпай,
Райымдуу жеткизкидей кең элге.

## Бөлүнбөгөн жүрөк болду ыйлаган...

Билбейм эмне?.. ушунчалык кыйнаган.
Боздогон үн көөдөнүмө сыйбаган.
Бороондогу жалгыз калган пендедей,
Бойду тосуп шамалына ыргалам.
Баардыгына көзүм жетип турса да,
Бөлүнбөгөн жүрөк болду ыйлаган...

## Баамың менен жүрөгөр...

Балким кимдир бирөөлөр...
Билбей-көрбөй күнөөлөр.
Болор-болбос чагымы,
Барып акыр түгөнөөр...
Бирок, ага ынанбай,
Баамың менен жүрөгөр...

**Тамчылар ыр сабында акты неге?..**

Түшүнүп жүргөнүмдө жакшы эле.
Тымызын көргөнүм да бакты беле?
Телмирип карап коюп күлгөнүңө,
Түпөйүл ойлончумун запкы чеге...
Табылбас учурлардын бир күнүндө,
Тамчылар ыр сабында акты неге?..

**Капылеттен сен тиктеген көз ирмем**

Карай калсам аңдоосуздан кылчайып.
Кандай сүйкүм... жылдыз жанган шунчалык
Канча күндөн бери көрбөй жүзүңдү,
Кыйбас жүрөк, күүсүн черткен муңканып.
Капылеттен сен тиктеген көз ирмем,
Кусаны кууп кеткенсиди нур чалып...

**Моймолжуган көздөрүңдөй жанга азык...**

Махабатым акыл-эсим арбашып.
Мезгил менен канча жолу кармашып.
Мерчеминен өтө албадым буйруктун,
Мемиреген түн жамынып таңга ашып.
Мен өзүңдү көргөн сайын арбалам,
Моймолжуган көздөрүңдөй жанга азык...

### Бир өзүңсүз... алсызмын да, жалгызмын

Бүгүн дагы байкоосуздан чалдыктың.
Барайын деп эмнегедир айбыктым.
Буулуккандай жүрөк сага тартылды,
Билинбеген арасынан сан кыздын...
Бүтпөс дүйнө ырларымдай оргуган,
Бир өзүңсүз... алсызмын да, жалгызмын.

### Таарынбай мени күтө жүр...

Түйшүккө түшүп түпөйүл.
Тынымы жоктой бүт өмүр.
Тагдырым, үмүт, махабат,
Тынчымды алып үчөө бир.
Татына асыл жалжалым,
Таарынбай мени күтө жүр...

### Албуут эргүү демиктирип бойдогу...

Асылзаадам сулуу мүчөң жолдогу.
Аздык кылаар көрсөм дагы он жолу.
Атаганат!.. көз отумду жандырып,
Албуут эргүү демиктирип бойдогу...
Айланчыктап бир бөлөкчө толкуду,
Арзуу менен жүрөгүмдүн борбору...

## Ызадан жүрөк байкуш жашыбасын...

Ыбага бап келишкен аты-затың.
Ышкызар нечен жандан татынасың.
Ырасын айтып берем учурунда,
Ыйык бир тоо гүлүндөй ачыласың.

Ынагым ачык оюң жашырасың.
Ынтызар элес менен чакырасың...
Ылаазы мээримди баалай билчи,
Ызадан жүрөк байкуш жашыбасын...

Ыймандуу бирге көрүп назы-жазын.
Ырайым таң шооладай чачырасын.
Ылайым изги ниеттен тилегеним,
Ынтымак бул дүйнөнүн бакубатын.

Ыкылас сенден башка татыбасын.
Ынанып сактайм туйгу капыясын.
Ырымдап мен өзүңө багыштадым,
Ырыскы үйлөнүү үлпөт чачыласын...

*23.11.00.*

### Утурлап жетпей калган куштай сездим...

Учугун издей-келип учкай кептин.
Умаштай көз ачылып уктай лекмин.
Ултунган сезимге да баш байланган,
Урунттуу учуру бар муштай эстин.
Умсунуп кармай албас көктө сызган,
Утурлап жетпей калган куштай сездим...

### Орду толбос жоготулар эсепсиз...

Оо укмуштуу, таңдандырган өчөт түс.
Ойлондурган адамды да өтөт күз...
Оңуп кеткен жалбырактай саргайып.
Ооруга окшош күтүп турган кезексиз...
Оор үшкүрүп... жеңилдене түшсөмда,
Орду толбос жоготуулар эсепсиз...

## Эӊ кыйыны... кантем сени унутсам...

Эӊ сонун көшүлгөндү муюткан.
Эркелете нурун чачса улук таӊ...
Эрдемсиген сулуу кыздар ичинен,
Эгиздикте жалгыз сенсиӊ ыйык жан.

Эски оорудай ушак-айыӊ кылышкан.
Эл түшүнбөс канчалаган сын уккам...
Эгер ажал сүйүү үчүн торуса,
Эч коркпостон туруп берем, тырышпайм.

Ээрип келип жүрөгүмө уюткан.
Эки ооз сөзүӊ көӊүлүмдү жылыткан.
Эми учуру жетти өзүӊ көксөгөн,
Экиленип... мейли селки кылыктан.

Элжиреткен сезим козгоп буюккан.
Эмнегедир жарык көрбөй туюктан.
Эстей берип ойлогондон чарчадым,
Эӊ кыйыны... кантем сени унутсам...

*26.02.2002.*

## Сууруп берем... жүрөк менен жанды да...

Сырлуу түндө сүйүү отун жандыра.
Сыйкыры күч арбаганда ал дуба...
Сымап сымал куюлгандай мөлтүрөп,
Сүзүлгөн көз ээрип эстен тандыра...

Сызып өткөн, келээр күнгө кайрыла.
Сүртүм ирмем аң-сезимде калды да.
Сүңгүп аста шооласын тостукпу?
Сүрүп жаңы келе жаткан таңды да.

Сүйкүм жүзүң жылдыз жанган албыра.
Сүрдөй түшүп карек нуру тайгыла.
Сени аяп ойго чөмүп баратсам,
Саал кыңайып карап койдуң айбыга...

Сүйүнүчтүү үмүт кылган алдыда...
Сезимимди сала көрбө кайгыга...
Сөзүң жалган баардыгынан кеч десең,
Сууруп берем... жүрөк менен жанды да.

*16.03.2001.*

* * *

Бараткан түз жолуман жаза баскан.
Буйрукка моюн сунупката жазган...
Бактылуу күз мезгилим эстен чыкпас,
Баянын ырга айланттым таза дастан.

## Кызганычтуу сезим менен тыз тийген...

Кыш да кетти... суугуна үшкүргөн.
Келди жазда ушунчалык күттүргөн.
Кызык кандай мезгилдерге жалгашып,
Кызыткандай ырлар чыгып түпкүрдөн.

Каалагандай оюң менен түз жүргөн.
Карегиңе катылгандай бүт дүйнөң.
Көрбөй калсам кадимкидей сагынып,
Көңүл чөгүп эмнегедир ич күйгөн...

Күмөн сырдыр азырынча биз билген...
Куп жарашып кийиминда тыш кийген.
Карар элем көз кырыман астейил,
Кызганычтуу сезим менен тыз тийген...

## Бактылуу келет улам карагым...

Бул дүйнөдө ата-эне аярым.
Бирок өзүң жанымдагы карааным.
Билбей-сезбей жүрөбү – деп ойлобо,
Бирге болчу сенсиң жакын адамым.

Баш катырган түйүнү көп санаанын.
Багыштабайм такыр сага жаманын.
Башкалардан эмнегедир кызганып,
Бактылуудай келет улам карагым...

## Чөлүн кезип... баратказсыйм армандын...

Чырайыңа эмне мынча арбалдым...
Чыйрыксаң да кетем дедиң кармалдың.
Чоочугансып карап койсоң акырын,
Чаалыкандай карегиңе таң калдым.

Чагаан кызсың убайымга салбаймын.
Чекилик кылып убадаман танбаймын.
Чагым сөздүү кичинекей кайгыңа,
Чокко түшүп, келип турат жалбаргым.

Чабал сезип аргасыздан байландым.
Чарчагансып жообун таппай айраңмын.
Чекең ылдый самсаалаган көзүңө,
Чачыңдагы бири белем тал-талдын...

Чымчым тузу кемигендей кандардын.
Чар тарабы тегиз экен... кандайдын?
Чаңкаганда суу жетпеген адамдай,
Чөлүн кезип баратказсыйм армандын.

Чыйыр жолдо ушунчалык чайналдым.
Чечилбеген суроосу көп ар жандын...
Чөйрө дагы махабаттан алсыздыр,
Чындыгына жете билсең жалгандын.

*05.04.2001.*

## Күтүп жүрөм, өмүр толбой бөксөргөн…

Кырмызы нур көктө жанган кечтерден
Көксөп, тилеп жолукпаган эч жерден.
Кайра келбес учурлардын биринде,
Кезиктиң сен, гүлүн ачкан көктөмдөн.

Көбү калып турмуш жүгүн бөктөргөн.
Келет мезгил улам башка өзгөргөн.
Кудай акы… мен ошондон алысмын,
Көөн оорутуп ачуу жашты төккөндөн.

Кабары бар сабак болуп өткөндөн.
Канчалаган оор тагдырды көз көргөн.
Кайгы жутуп, азап чегүү көнүмүш,
Күн курусун… сенсиз жалгыз өткөргөн.

Кокус эгер… бүтсө жашоо чектелген.
Кетем мен да убагында кез келген…
Кол куушуруп, моюн сунуп берейин,
Күмөн санап… оюң болсо шектенген.

Көңүл назик… сактай билгин чөккөндөн,
Көргүн сынап качпайм татаал өткөөлдөн.
Кеч-эртеби?.. үмүт чиркин үзүлбөй,
Күтүп жүрөм, өмүр толбой бөксөргөн…

*2001.*

## Кар жааса... ээрибеген тескей белем?

Кимге өмүр берген эмес чектелбеген.
Кыйла адам тилегине жетсем деген.
Көпчүлүк бирине окшоп мен да алардай,
Көксөгөн максатымды беттей келем.

Кокустан биз жолугуп кечте кереӊ.
Кадиксиз маани бербей кепке тереӊ.
Көөдөнгө таамп турду тамчылары,
Кабылдоо толук калбай эсте кенен...

Кайгынын эмне экенин сезген менен.
Кантейин как жүрөктү эзген элеӊ...
Күнгөйү өзүӊ болсоӊ улуу тоонун,
Кар жааса... ээрибеген тескей белем?

*21.05.02.*

## Жан дүйнөнүн жалгыздыгын туя алам

Жаза билген калем үчүн чыңаган.
Жалпы оюмду баамдап, туюп улаган.
Жакшы көргөн кыйла кыздын ичинен,
Жалгыз сенсиң түшүнүктүү сый адам.

Жаңы эми жуулганда муң араң.
Жетүү үчүн деги канча убарам?..
Жараткандын жазымышын ким билет?
Жөн эле эмес, жүрөгүмдү сураган...

Жашоо кыйын... кырын салып сынаган.
Жададым – деп бар-жогуна чыдаган.
Жапа чегип далай баштан кечирген,
Жан дүйнөнүн жалгыздыгын туялам...

*01.06.02.*

## Кезегинде а мүмкүн сүйдү күчтүү...

Күлгүн түстөй ачылып... күлгүн түстүү.
Күлкү чыгып ажары сүйгүнчүктүү.
Кыялында конокту жакшы көрүп,
Кыл жаткырбай кармачу үйдү күзгү.

Кезегинде а мүмкүн сүйдү күчтүү...
Келсең көңүл жазылып билги түптүү.
Кээ күндөрү кармалып калганымда,
Кечиксем да уктабай түнбү күтчү?..

Көрүнгөндүн колунда кирди-чыкты.
Калаа жери башпаанек жүрдү бышты.
Кандай адам болбосун мүнөзүнөн,
Кантип ага жагышты билчү мыкты.

Көз боочудай алдаган тилди укту.
Көзүр кылып бузуку жинди тутту.
Көралбастар ортого чок ыргытса,
Калпыс сөзгө ишенип дилди бузду...

Коомайланып айтпастан сырдуу букту.
Коркуткандай көргөзүп муңдуу жүздү.
Колдо бардын кадыры жок дегендей,
Кокуйгүн жан... акыры сыйды үздү...

Күлгүн түстөй ачылып... күлгүн түстүү.
Кезегинде а мүмкүн... сүйдү күчтүү.
Куру намыс эмнеге алып барбайт,
Күз мезгилде байкоосуз бүлгүн түштү...

*05.03.06*

## Алоолоп күйүү керек, күлөр кезде

Арзыган жалгыз өзүң мээ жүрөктө.
Аргасыз сыр катылып тээ түнөктө.
Аттиң ай, ушунчалык кыйнап жүрдү,
Аз эле жерден калып кээ мүнөттө...

Алдыда далай ашуу күдөр чечме.
Айтууга аның да бар күмөн дешке.
Ансыз да убакыт тар өтүп жатат,
Алоолоп күйүү керек, күлөр кезде.

Айсберг муздак бойдон ээрип кетсе.
Ашыктык ал бир мухит ээлик этсе.
Айбаты тогузунчу толкун болуп,
Айвазов сүрөтүндөй дээрлик эсте.

*10.12.06*

## Уу берер ушул кызбы?..

Уйкумду эмне бузду,
Уктатпас төгүн түшпү?
Умаштай көз ачылып,
Убайга салган букпу?..

Ушундай эске тутчу,
Үзүлүп көөнүм түштү...
Убагың келдиго дейм,
Уядан эми уччу...

Үрүмсүң билги түптүү.
үшүтпөй күндө күтчү?
Үмүт ай, жетелеген,
үкүдөй түндө чыкчу...

Утурлап сүйкүм жүздү,
умтулам улам күчтүү.
Унчукпай аста-секин,
уу берер ушул ышкы...

## Жоолукчан аппак жоолукчан

Жоолукчан аппак жоолукчан.
Жолукпас жерден жолуккан,
Жазгырып көзүң моймолжуп,
Жактырып өзүң койгонсуп,
Жаздымда кылдың оорукчан.

Жигердүү келет тоолук жан.
Жигиттик намыс жоо жыккан.
Жылмайсаң жүзүң албырып,
Жылуулук отун жандырып
Жылдырбай кармайт боолуктан.

Жалкыбай мындай жоруктан
Жылмалык кыйын оо душман.
Жашыруун кайра кезигип,
Жашыдың айла кетирип,
Жалбарып жүрөк оолуккан...

Жалтанбай жакын болуштан.
Жылаандай ороп колу ыкчам.
Жартысы элең бирөөнүн,
Жарчысы белең күнөөнүн,
Жоолукчан аппак жоолукчан.

*2007-ж.*

**Кызгалдак көрдүм... кызгалдак...**

Кыйкуулап колго куш кармап.
Кыдырып жүрсөм кыз тандап.
Кыйла гүлдөр ичинен,
Кызгалдак көрдүм... кызгалдак.
Кыйылып алыс узабай,
Кызыктым неге? ыкчам бат...

# Сулуулуктуң не пайда?

## Жарымын кой, жартылайын билесиң...

Жакпайт мага, өзүң тургай мүнөзүң.
Жада калса дурус түшкөн сүрөтүң.
Жакшынакай – деп коюшса кээ кезде,
Жерди койдум, көккө батпай жүрөсүң.

Жылма карап кабагыңды түйөсүң.
Жооп аларда жасалгалуу күлөсүң.
Жетпеди го сының менен адамдар,
Жаралгандай бул дүйнөдө бир өзүң...

Жаап-жашырган таап алып кинесин.
Жумурткадан кыр чыгарып ийесиң,
Жоголбостон күчөп барат кыялың,
Жаман дебей кыжырыма тиесиң.

Жүзүңдөгү кирпик-кашты чиесиң.
Жоон сандан кыска юбка киесиң.
Жашоо – деген оңой эмес карындаш,
Жарымын кой, жартылайын билесиң.

Жалтыратып бут кийимди сүрөсүң.
Жапкан майдын сызгыргандай ширесин.
Жөн жеринен келбейт байлык мээнетсиз,
Жалкоо болсоң итке барып минесиң.

Жойпуланган укмуш кыздар түгөтүн.
Жашабастан чанып кеткен күйөөсүн.
Жаштайынан көнгөн адат бекерге,
Жыргатабы?.. анан ошол бүлөөсүн...

Жадымга тут, айткан сөздүн жүйөөсүн.
Жаман эмес, көрө билген күнөөсүн.
Жалгыздыкта жаның кейип турганда,
Жардам берер... таппай калба бирөөсүн?..

*20.09.99.*

## Канча ымыркай тилин бууп...

Кагылайын кыргыз кыздар үнүмдү ук!
Каада-салтты жапайылап күйүндүк...
Күлгүн чакта төрөбөскө айланган,
Көрүп-билип жаныбыздан түңүлдүк.

Каапырларды улам ээрчип бүлүндүк.
Каалаганын жасайт дедик сүйүндүк.
Келбетине жарашабы же жокпу,
Көрктү бузуп модаланып кийиндик.

Кургур жашоо жыргаганга күнүмдүк.
Койколоңдоп, ойсолоңдоп түнүң жуук.
Казды туурап, карганын өзүндөй,
Кокус ооруп врачтарга жүгүрдүк...

Кебин укпай апасынын кирин жууп.
Кечке уктап көнгөн адат иңир кууп.
Катнашка барып коюп уялбай.
Канча ымыркай... аборттолду тилин бууп.

Кумар менен чечилгендей сүйүүң бүт.
Куурап калган ачылбастан гүлүң кык.
Кылык да жок, кыз өңдөнүп назданган,
Кыжыр келет ичиркенип дилиң сууп...

## Дат басып...

Боектордун күнү жүрүп батташкан.
Батыш жактын модасына чапташкан.
Балдар-кыздар такыр башка өзгөрдү,
Баштарына чачтар чыгып «дат» баскан.

*14.10.05.*

## Беткап...

Келбеттеги упа, майдын калыңынан.
Күн нуру да өтпөстүр жарымынан.
Куруттуң го күнүгө сүйкөй берип,
Көөлөнгөндөй таза жүз аныгынан.
Куру-бекер кыласың убактылуу,
Курак болбос өмүрү карыбаган.
Курушканда сен эми жазып көргүн,
Куурап калган теридей калыбынан...

*05.11.06.*

## Эртеңи кандай болот?

Элек сурап илгеркилер эрге кетсе.
Эмкилер эмне кылат бойго жетсе.
Ээн басып каалагандай көчө таптап,
Эки эли боек сүйкөп аттиң! бетке...
Энеси ыйласа да нечен какшап,
Ээрчитип улам бирөө түндүр кечке.
Эшигин алсыз ачып калдыратып,
Эптеп ал... араң келет таңкы беште.
Эмитен минтип жүрсө кургур кыздар,
Эртеңи кандай болот,.. жаштыгы өтсө...

*25.03.2004.*

## Напсисин кара...

Кызарта боеп эринин.
Көйнөктүн кийип жеңилин.
Көкүрөк ачык жакжайып,
Көрсөтүп кош желинин.
Күйөөгө кайра тийчүдөй,
Күнөөгө коюп пейилин.
Көчөдө жүрөт далактап,
Кечээки келген келиниң...

*16.11.06.*

## Боёнот десе...

Көнүмүш адат көрүнүү.
Күзгүдө өтүп өмүрү...
Көк-ала болгон пендедей,
Кирчүдөй түшкө өңүбү?
Калпыс кетип ыйласа,
Көзүнөн акты көмүрү...

*13.09.07.*

## Назданат белем...

Ыйман качып кут улаш.
Ырайын бузуп кучунаш.
Ырбап бүтпөс ыландай,
Ырсаландап уялбай...
Ыйбаа кылчу кызы мас,
Ыйлап эне тыялбай,
Ыпылас болду, ыпылас...

*16.02.08*

Мээримин төгүп турар күнсүз калып,
Мухитте сүзгөн өңдүү үнсүз балык...
Мелтиреп тереңдикте сыры бардай,
Мен сени ойлойм, кызым, тынчсызданып...

## Сымбатка

Жаным кейип турганда ушунчалык,
Жарым дагы жактырбай жүзүн салып.
Жазымышка баш ийип бук болгондо,
Жарпым жазар адам жок кызымчалык.

Жиги жоктой сезилбес учур карып,
Жакшы деген досторум утур калып.
Жалганчылык үстөмдөп келген кезде,
Жардам берер таппадым кызымчалык.

*03.09.04.*

***

Түшүнбөс жашоонун түйшүгү,
Түшкөндө башыңа бир күнү...
Тай эжең эмине кылганын,
Түшүнүп ыйлайсың сүйчүнү...

Түйшөлтүп ойлордун түркүнү,
Тагдырдын азабын билчүбү?
Турарсың аргасыз жер тиктеп,
Табалап караган күлкүнү...

Тушуккан турмуштун сүртүмү,
Туйлатса жүрөктө тун сүйүү.
Түгөйсүз жалгыздан сезерсиң,
Түбөлүк кадырлап жүрчүнү...

*02.12.04.*

***

Күмүш жээк. Кечти тосуп салкындаган,
Көл болдум толкундары тартылбаган.
Күйүттөн күйүп бүтпөс сагыныч бар,
Кызым жок... маңдайымда жаркылдаган.
Кайрымсыз ал күндөрүм артта калып,
Кабары купуя сыр... айтылбаган.

*08.02.05.*

***

Кызым басып калыптыр, кызым басып,
Кызартты ашып саяктын тузун татып.
Канчалык жакшы көрүп турсам дагы,
"Келегой" деп чакырсам утур качып.
Келинчегим айтпастан кетип калып,
Кайын-журтка барганда учурашып.
Кагылайын бир боорум, аман жүргүн,
Кең караган Кудайым кутун чачып.

*07.01.05.*

***

Канчалык сен турсаң дагы кайгырып,
Кур намыска үмүт отун жандырып.
Көөдөн бүгүн ичтен сызып чыгарбай,
Көрүнбөгөн жок нерсени бар кылып.
Кара жерсиз аппак болсо айлана,
Кардан деле көздөр калат кардыгып.

*12.02.05.*

***

Ансыз деле кетесиң деп жан багып.
Арам ойлуу адамдарга арданып.
Айтчы жаным, анча неге актандың?
Ата-энемди кошуп мага карганып.
Анык жашоо кайда экенин билесиң,
Азап чеккен күндөр келсе айланып...

*13.02.05.*

***

Канткен менен тайэжең алдап койду.
Калпка ишенип өзүң да кармап бойду.
Кичинекей чагымды чоңго айлантып,
Карабеттик кылганга айгак болду.
Кудайыман эми сен көптү тиле,
Кокус басып албастан тайгак жолду.

*16.02.05.*

***

Унутпасмын, дагы эле унутпадым.
Уюп калган сыяктуу суюк каным.
Ушунчалык кызымды көргүм келди,
Улуу тоодо бороондой буюкканым.
Ууртуңдан ойдогудай күлкү чыкпай,
Унчукпас кор болду го... кылыктарың.

***

Каңырыгым түтөп сени эстедим.
Коомайланып кантип мени жектедиң?
Кайдагы бир бузукуга ынанып,
Колдо турган тагдырыңды экчедиң.
Кайра баштан ойлонуп көр жакшылап,
Кудай билет, кимден күнөө кеткенин...

*19.02.05.*

***

Сага рахмат, өзгөрүүгө эс кирди.
Сыныңды эстеп адамдардай кеп билги.
Сыйга сыйдай, касты теше караган,
Сөзгө бекем болдум эми чечкиндүү.
Сезим күчөп, толкуп-ташып турса да,
Сени менен алмаштырбайм эч кимди.

*22.02.05.*

***

Умтулуп биз жолукчу жол узунбу?
Унутпай жүрсөң керек конушуңду...
Утуру сурасам да ырдай берген,
Ушунча уккум келди добушуңду.
Угулуп кулагыма мукам үнүң,
Умсунткан мени менен болушуңду...

***

Түбүң түшкүр ушак менен айыңдын.
Түрлүү бойоп көө жапканга кабылдым.
Терикпестен кайра аларга жылмайып,
Терең түпкүр чындык үчүн агылдым.

Турмуш – күрөш, кайра келбейт жаңылгым.
Тике карап күйүп өчпөс жалынмын.
Туталандым, анткен менен пайда жок,
Тилек кылып экөөңөр деп жалындым.

Туралекте жаңы агарган таңыңмын.
Түштө көрсөң, анда эсиңде барыңмын.
Түн уйкуда жатканыңда көшүлүп,
Терезеден карап турган Айыңмын.

*14.02.05.*

***

Мен элемин экөөңө тең күйөрүм.
Мейли эстеп, өмүр бою жүрөйүн.
Макул, бирок ишенбеймин таңданып,
Мээрими жок дегениңе жүрөгүң.
Мага ушунча жарашыктуу көрүнчү,
Мемиретип кызым эмген күбөгүң.
Махабатты айтуу кыйын сөз менен,
Мерез болбой ошондон көп жүдөдүм.
Мезгил өзү учурунда сагынтат,
Мээни алып, кимди гана сүйөрүн...

*15.02.05.*

***

Каалагандай бийлик кылып төрүмдөн.
Кабагыма шоола бөлүп төгүлгөн.
Кызым жүрчү ары-бери жөргөлөп,
Күлкү чыгып, мен чарчаган өңүмдөн.
Капаланып аны ойлоп олтурам,
Кыйын экен... тең экиге бөлүнгөн.

*23.02.05.*

***

Чыр чыккандан кудай өзү сактасын.
Чындык үчүн, сай-сөөгүм да какшасын.
Чанды жарым, чагым сөзгө түшүнбөй,
Чок ыргытса бузуп шаардын капкасын.
Чөйрө алдында чөгөлөбөйм басынып,
Чылкы канча? аны элдер актасын...

*22.02.05.*

***

Сагындым... көпкө эстедим.
Саргара жортуп жетпедим.
Сымбат кызым, периштем,
Сенден кантип четтейин?
Себеби бардыр мунун да,
Сездиң же мени сезбедиң?..

*01.03.05.*

***

Ботодой боздоп ботодой,
Боорумду эзген ошол ой.
Бороондоп барып басаңдап,
Бозоруп калдың топодой...
Бүдөмүк бүтүм чыгарып,
Башыңды ойлоп коколой.

*12,30. 02.03.05.*

***

Тепселеп жатса дагы уюгуңду.
Талкалап сындырса да буюмуңду.
Томсоруп унчукпастан уга берип,
Тайэжең айтканына муюдуңбу?
Тагдырың бузулганга кайыл белең?
Тыңшабай көөдөндөгү туюмуңду...

*Саат 4.35. 02.03.05.*

***

Үйүңдө жоктур, мага кылган эркелик.
Үйрүлүп түшөөр жарым десем белсенип.
Үмүтүмдү таш каптырдың кокустан,
Үнүмдү укпай жан дилимди эңшерип.
Үлпүлдөткөн сый-кадырын билбеген,
Үрөй учкан шамал болдум сенчелик.

*03.03.05.*

***

Тээ түпкүргө арманыңды жыйнайсың.
Таарынсаң да ачык айтып кылбайсың.
Толгон муңду оор жүктөй көтөрүп,
Тоготпостой өзүңдү-өзүң кыйнайсың.
Токтоо мүнөз көрүнсөң да сыртыңдан,
Тажаганда түн жамынып ыйлайсың...

*5-05 02.03.05.*

***

Сууну куюп күн алыстан гүлүңө.
Сергек көңүл ырды жазып күнүгө.
Сүрөтүңдү карап койом акырын,
Сейрек гана кездешүүчү дүнүйө.
Сыйымдуулук сактап келет дайыма,
Сен тажаган, мен жашаган үжүрө...

***

Кайгы жутуп сыздаганда ичиңен.
Кайып өңдүү кезигишкен түшүңөн.
Кай учурда белги берген туюм бар,
Көрбөй билген көздөрүңдү шишиген.
Кайсы жерде экенине санааркап,
Кабатыр сен болгонуңду түшүнөм.

*10-15. 14.03.05.*

***

Арзуунун сезбедиңби чок-отторун?
Алтындай издеп таппай жоготконун.
Айбыңды кеч ойлонуп калганыңа,
Акыркы жанга айтпай шолоктодуң...
Ачыгын эгер менден жашырбасаң,
А мүмкүн, турмушуңда болот жолуң.

*2-30 15.03.05.*

***

Көңүлүң да, көйнөгүң да кирдетпей.
Көрүнгөнгө кагып-силкип тилдетпей.
Каражаным, как жүрөгүм кызымды,
Карайсыңбы? Баягыдай бир беткей.
Кайда барба, өзүң менен ала жүр,
Каалаганың жасай бербей билбестей.
Кокусунан барып калсам жок чыксаң,
Касың болом, өмүр бою илдеттей.

*Кочкор, 12-30 16.03.05.*

***

Татынакай туруп эле өң кетип.
Түшүмдө сен көз жашыңды көлдөтүп.
Тетирленип жүрө бербей ушинтип,
Тээ алыска кетели деп жер кезип.
Таарынычты биз кечирип жатыппыз,
Түшүнүшүп кайра баштан элдешип.

*Кочкор, 18.03.05.*

***

Толук эмес, кемигендей бир жерим.
Түйшөлдүрөт кээде түшкө киргениң.
Тунжураткан сагыныч бар оюмда,
Туйдуң бекен же таптакыр билбедиң?
Туруктуулук, сабыр түбү сары алтын,
Тең жарымым сени менен биргемин.

*Кочкор. 21.03.05.*

***

Асталап катуу урбай добулбасын.
Астейдил келди мына мобул жазым.
Ашыктар жөн жеринен ызаланбай,
Ал тилеп жүрөктөрдүн чогуу ырдашын.

Азыр сен ачык эмес, коңулдасың.
А бирок, кайда жүрсөм оюмдасың.
Алдыга үмүттөнүп бара жаткан,
Алыска сапар тартсам жолумдасың.

Армандан жүрөк каны коюлбасын.
Ар дайым каалаганы орундасың.
Ансыз да күткөнгө да көнүп бүткөм,
Аттиң ай, билсең гана, коюндашым.

*Кочкор. 19.03.05.*

***

Асмандагы күн болалбай нур жүздүү.
Айга окшоп жарыгы жок күндүзгү.
Айланада жалгыз өзүң калгансып,
Алыстыкка санаа чулгап сүңгүтчү...
Алмаштырбай балким мени башкага,
Ал жактагы сен белемсиң түн күтчү?

*Кочкор айылы, 22.03.05.*

***

Буйга келбей, мунда жеңбей аргасыз,
Буйрукка мен моюн сунуп пайдасыз.
Бошоң сезип дене боюм алсыздай,
Бороон болбой, өтүп турду жанга сыз.
Боор тарткан жүрөктөн да кыйындыр,
Белгисиз бир изи калган тамгасыз.
Бушаймандуу ой-санаага чөмүлсөм,
Буйдалгандай көңүл коштойт, Ай да суз.

*12.03.06.*

***

Аячу элем үзүлчүдөй тамчыдай,
Андан бетер мына ушундан аркыдай.
Ал мезгилдер келбейт эми кайрадан,
Алды жактан тосуп чыгаар жаркырай.
Алдаганды бала чактан жек көрөм,
Аны кайдан билмек элең? Ай чырай.

*03.03.06.*

***

Улуп бороон кар сапырып тумансыз.
Улуу тоону элестеткен уларсыз.
Унуталбай койдум такыр кызымды,
Ушундай бир күндөр өтүп кунарсыз.
Учурунда келсең кана күттүрбөй…
Улам жолду карап кээде турам суз…

*Кочкор.*

***

Турмушумда эң кызыгы бүгүнкү.
Туулган күнү тун кызымдын, сүйүнчү.
Туткунунда жүрсөң дагы бирөөнүн,
Туруп буттан кезиң келди жүгүрчү.
Тамырыңда бооруң тарткан каным бар,
Тууруң кутөт, май оозанган биринчи.
Тутунарым жалгыз өзүң барында,
Түбөлүккө мен эмесмин түңүлчү…

*26.09.05.*

***

Ойлобоюн десем дагы канчалык,
Опол тоодой мээ күчүмдү кайтарып.
Ошол жакка мени алыстан чакырат,
Ордун таппай жүргөн кызым таң калып.
Оролу жок, турмуш эмне, билбестен,
Обу жоктук кылган апаң чаң салып.

*19.09.05.*

***

Суук тартып жылдагыдан күз башка,
Супсуну сууп сумсайыңкы жүз бакса.
Сулап жатат тоолор дагы томсоруп,
Сүр көрсөтүп саргайыңкы түс жапса.

Сыры маалым, саяк жери тыш жакта,
Сыдырым жел жүрүп турган кыштакта.
Сыйы эмне, ыйы кимге? Билинбей,
Сымбат кызым чыкты быйыл үч жашка.

Сыя өңү... арыкчырай, түк башка,
Сылап-сыйпап жакшы дечи уктатса.
Сызып ичтен сарсанаага батамын,
Суранаарым, кудай аны сыздатпа.

Сайрап турар мезгил келет куш бакта,
Сайран курар эмне берсе кут башта.
Сапар карып, жолугушчу күндөр бар,
Сагынычтар жакындаткан муктажга.

*26.09.06.*

***

Үрүп чыгар ити жок, үрүп чыгар...
Үйүндө адам көрүнбөйт кирип-чыгар,
Үстүнөн мен байкоосуз барып калдым,
Убакыт таап абалын билип турар.
Үтүрөйүп калыптыр кургур кызым,
Үмүтү да үзүлгөн, үмүт кылар.
Укмуш болуп чанды эле алган жарым,
Ушундай бир турмушта тирлик улар...

*12.05.06.*

***

Карлар жаткан тоолордогу бугуңду.
Кара шамал айдап келип муңуңду.
Катар өскөн бак-дарактар шуудурап,
Күүгө салып озондогон үнүңдү.
Каргылданып эмнегедир карыккан,
Какшап-сыздап ыйлаганың угулду...

*24.11.06.*

***

Кызарт бели түшө калса Кош-Булак.
Койлор маарап, жалгыз аты кошкурат.
Кичинекей кокту ичинде боз үйдөн,
Күйөр-күйбөс очогунан от чыгат.
Курсунгөндөй үйдүн ээси төрдөгү,
Күңк-мыңк эткен аялына обдулат.
Калган кызым түшүнбөстөн элейип,
Карап койот, бүчүлүгүн топчулап...

***

Ажырым бар күнүн көргөн чет жакта.
Ал жөнүндө айтса арман кеп башка...
Анык ата ким экенин билбестен,
Алмаштырып улам жаңы кийбестен,
Алмончоктой кызым чыкты беш жашка.
Акыр жүрүп жолугушчу кез келет,
Арыз-муңду түшүндүрчү бетме-бет,
Акыл кирип, бойго жетип эс тартса.
Ага чейин болбой менин жанымда,
Аралашып чындыгы жок чагымга,
Алла таалам, суранарым, бек сакта.

*26.09.08.*

# Өгөй аял...

Күмөндөр Усуптегин

***

Кудуретим шыбаа кылган дээримди.
Кутулбаган жүрөк менен мээ бирби?
Куру сөздү бапестеген акындай,
Кубаныч аз... көп кейитет зээнимди.

Курбуларым бүлө күтүп, төө минди.
Куураганы мага окшоп жөө жүрдү.
Калп каткырган жанымдагы досторго,
Кара санап, бузганым жок көөнүмдү.

Катуу айтпай төксөм дагы мээримди.
Келин алсам түшүнбөдү же жинди?..
Келип-кетер ойлоп мени башкадай,
Кебимди укпай, басып-туруп элирди.

Кирпик какпай тынчсызданып кээ түндү.
Кесе тиштеп айласыздан эринди.
Көрүп-билип калыстыгын жасабас,
Кудай таалам, сезсең боло?.. ээ билги!..

***

Жүрөгүм бир башкача согуп турду.
Жашырган өзүңө окшоп олут сырды.
Жаныңда жүрбөгөнгө санаа тартып,
Жадымда түркүн ойлор болуп кырдуу.
Жалындап отко айланып кетким келди,
Жүзүңдү көрөр замат толук сындуу.

***

Чакан шаарда билинбестей былыгы.
Чардап жүрүү түнү бою кылыгы.
Чарчаганда арак менен жуздөшүп,
Чарк айланган эркектерден сый угуу...
Чойоктоп ал көнүп алган бекерге,
Чачса акча анын болуп ыйыгы...

***

Жалжалым түшүнбөстөн басып эсти.
Жактырбас кулк-мүнөзүң ашып чекти.
Жалбарып турсам дагы кабыл албас,
Жаныма билбейм эмне?... батып кетти.

Жашыруун өз алдыңча катып кечти.
Жаштыгың өттү го дейм качып безчү…
Жакшына тилегим бар, убакыт бер?..
Жалындап сезимдерим шашып жетчү.

Жылмалап койбой эле ачык эзчи.
Жылуулук берем сага татып сезчи?
Жыл бою унчукпастан жүрө алам,
Жылмайып сүйлөбөстөн ашык кепти.

Жаңылган ал мезгилдер азып өтчү.
Жараткан көргөзбө? – деп жашык көздү.
Жазымыш экөөбүзгө тең буюрган,
Жуп болуу чындыгында бакыт сезчи?..

***

Адам кылып акыл-эсти курчутса.
Аял жакшы, эгер эри тың чыкса.
Аяр сактап мен мамиле жасайын,
Аяй билчи, бултыскам ай, бултыска.

Ашык кетпейм кабак түйүп унчукпа.
Аткан таңдай маңдайыңан күн чыкса.
Айласыздан мен эмнеге кубанбайм,
Анан кантем, бултыскам ай, бултыска.

Айтып болбойт, баары ойсуз турмушта.
Ата-энелер кейибесин мунду укса…
Андан көрө сый-урматта жашайлы,
Алтын өңдүү, бултыскам ай, бултуска.

***

Бүлө курсак токтобостон оолугуң.
Баш оорутуп туш келгенге соолудуң.
Баягыдай ээн басып туралбай,
Байкоосуздан мага тийип боолугуң.

Балээ баскыр, жолдо калсын жоругуң...
Бата кылып апам салса жоолугун.
Байланбастан кала берди тепселип,
Баркын билбей мына ошондон оорудуң.

***

Умтулуп буттан турарда.
Уланбай турмуш жыл-айга.
Укмуштай көрүп өзүңдү,
Уусу заар окшоп жылаанга.
Улуктук кылам дедиңби?
Учканы эркин кыраанга...
Уяңды бузуп уятсыз,
Убалга калдың, убалга...
Учуру келет боздогон,
Уурданып түндө чыгаарда...

***

Оорудум дегениңди угуп алып.
Обу жок кылдың балким, сулууланып...
Ойлонуп эмнегедир запкы чектим,
"Оронуп жатса экен" деп жылууланып.
Опол тоо болчу элем мен жаныңда,
Оңтойсуз уктабастан туруп алып.
Ошону билсең кана? Убагында,
Ордум бош, эстедиңби? Муңу калып.
Океан сыры терең билинбеген,
Ойноок сен... кургактагы тирүү балык.

***

Какшатып ырбатканда кучтуу чырды.
Капыстан катуу сокку... кузгу сынды.
Кайышып турган кезде тушунбөсө,
"Кайдан ал билсин" дедим жузду мундуу.
Капырай ушундай да болот экен,
Кап аттиң!? Өзунө-өзу бутту кылды.
Кайрылып келер-келбес жоопсуз калып,
Каректер каткан өңдуу тупку сырды.

***

Ойноок элең, айда ойноок элең.
Ойсокелик кылып сен жолдо кенен.
Отуз жаштан ашсаң да көнгөн адат,
Ойт берчусуң унаалуу жорго менен.
Ошондо мен журчумун туну кутуп,
Отуралбай санаадан ойдо тереӊ.
Он экиден өткөндө араң келип,
Ооздон арак жыттанса жаман кейип,
Оңолоор деп акырын коргоор элем.

***

Унутам дедим, бирок унутпадым.
Ушунча жанга батып буюкканым.
Уюган канга окшоп мээмдеги,
Утуру көз алдымда кылыктарың.
Уруштан сен сындырган кузгу өңдуу,
Уучумда кармайм сезим сыныктарын.
Убакыт айыктырат деген калп го,
Уу жутуп алсаң кокус куйуп жаның...

***

Кечир же мейли кечирбе?..
Кесир сүйлөп кыйынсынып эсирбе.
Келип-кетер мен эркектин бири эмес,
Кебимди ук, болсун дайым эсиңде.
Көрбөйт-билбейт дегендерге ишенип,
Көөдөнү жок биреөлөргө бекинбе?
Кокустуктан жолугушчу жолдор бар,
Коргоп алар эч ким турбас кепилге...

***

Асмандан түшүп ай нуру.
Арманын катып кайгылуу.
Алтындай өңдөн билинбес,
Айтылбас ичте бар бугу...
Ашыгып күндө күтүүчү,
Аяган жандан калдыбы?
Андан да артык көрүнгөн,
Арамдык жолго бардыбы?..

***

Кафеге кетип... кафеден.
Кылгырып келчү мас элең.
Кастарлап канча көтөрдүм,
Кагып-силкпей таза мен.
Калтардай улам кубулуп,
Калпычы белең? наз эрен.
Кызынын минтип жүргөнүн,
Кайдан билсин? Ата-энең...

***

Акын өңдүү мүнөз күтүп кыялдуу.
Аралашып ай-жылдарга тумандуу.
Ак дилимден мен мамиле жасадым,
Ар пендеге көңүл бөлүп гумандуу.

Анча эмес болсо дагы чырайлуу.
Азгырылып жубан алсам кумарлуу.
Аны аяп жамандыгын жашырсам,
Арамдыгын кайра менден чыгарды.

Айтсаң билбес түшүнбөдү убалды.
Ажылдагы күндө күчөп уланды.
Ажырашып кеттим акыр чыдабай,
Ал таанытбай калган кезде кудайды.

***

Ыйык болчу, аябастан жанды улук.
Ымыркайды мээрими жок алдырып.
Ыңаалатып жарык дүйнө көргөзбөй,
Ызырынып кочушуңду кан кылып.
Ырыскысын көтөралбай күйөөңдүн,
Ызасына тийдиң эстен тандырып.
Ыйманың жеп, чоң күнөөгө баттыңбы...
Ыйлап-сыздап түштөн кийин кайгырып.

***

Таштабайм дедиң аракты.
Танганда кебиң тажатты.
Талкалап чыны, күзгүнү,
Тажаалдан өтүп баратты.
Тандаган улам бирөөнү,
Түркөйлүк көнгөн адатпы?
Төркүнгө маалым жоругуң,
Таламыңды талашты...
Талаада калып жүрбөгүн,
Тагдырда жол көп адашчу...

***

Себеби жок туруктуу.
Сендеги ooру жугуштуу.
Сүзүлсө көзүң тумандап,
Саргайган өңүң кылыктуу.
Сандалган эргул эрендер,
Сагалап кана турушчу.
Сугарып айда аракка,
Сайга аркандап унутчу.
Санаасыз да, дабаасыз,
Сапатың арам ырыскы...

***

Бүтүйгөн көзүң, бүтүйгөн.
Барк күтсөң да ишиңден.
Бойдоктук күлпөт жагабы?
Бапестеп арак ичирген...
Боюңа бүткөн баламды,
Бойлотуп алдың ичиңден.
Барсаң да сокур-калыска,
Баамын айтаар түшүнгөн.

***

Жөнү жок жерден жылмайып.
Жүздөшүп жылуу сыйды алып.
Жашоого канып күнүмдүк,
Жыргалга батып ыргалып.
Жоргодой баалап биреөлөр,
Жон терин сага ыйгарып.
Жаныңда турса көрөрмүн,
Жатканда ооруп кыйналып.
Жалдырап мени эстээрсиң,
Жалгыздан мээң чыңдалып.

***

Айдай толуп кутурган.
Акча десе жутунган.
Аял жаман дечү эле,
Аяк жактан бузулган.
Арсыз бирөө эмесмин,
Айланып өпкөн бутуңдан.
Анык жылма экенсиң,
Адамдар билбес тышыңдан.
Айныбай маш болупсуң,
Арамдык ишти тутунган.
Азабын кийин тартасың,
Ашып түшкөн кызыңдан...

***

Наадандай өзүн сүрөгөн.
Намыс жок, чыгып күйөөдөн.
Нашаага муктаж пендедей,
Напсини издеп бирөөдөн.
Ниетин бузуп чыдабай,
Наар алган жерге түнөгөн.
Наалаты кыйын кутулуу,
Назданып кылган күнөөдөн...

***

Сен кимсиң?! мага мактангыдай.
Сезимимди үшкүртүп тиш жаргыдай.
Сыпайыдай жаралган периштени,
Сыртка ыргыттың таштандыдай.
Сызылып ичтен аяп боор оорусам,
Сыздаттыңбы? муздаксыңбы? жаш тамгыдай.
Сестенбей кылгылыкты кылып коюп,
Сыртың салып, ыйың калып актангыдай.
Сүйүнүчпү? күнү түштү келет бачым,
Себеби бар башты алгыдай...

***

Жан багаар жалгыз ырысым.
Жумушум дедиң, жумушум.
Жумалап кафе, конокто,
Жуушкан тиги-мунусун...
Жутканда келип кыйкырган,
Жиндиден ашты урушуң.
Жамаатың мактап койот ко,
Жашырып-жаап бурушун.
Жутунсаң дагы жетпеген,
Жугу жок айлык дурусуң.
Жалганда көзүң тойбогон,
Жалдырап сурайт кур уучуң.
Жубайым десем жалынып,
Жылмалык жасап тымызын.
Жонуңду салган күйөөңө,
Жоругуң сенин курусун.

***

Арак ичпес жериң деле калбаптыр.
Аягыңдан далай эрлер жалгаптыр.
Аялдары бар экенин билсең да,
Айласын таап кубаныпсың жан баккыр.
Арсыз, жайсыз туш келгенге алыңча,
Айдай жүзүң убактылуу жайнаптыр.
Анын баарын түгөтө албай мактанып,
Айтчу элең, кудай бетин салбастыр.
Анан мени көрүп куду алардай,
Ак жеримен күйгүзөсүң алдап кур.
Аруу нике эмне экенин түшүнгөн,
Акыл-эстүү арам жолго барбастыр.
Анык күнөө чыны кимден кеткенин,
Алла таалам, таразалап аңдап тур.

***

Жашоомо кайдан? кеч келдиң.
Жообуңду неге тез бердиң...
Жорголоп качып колукту,
Жоросу сүймө жолукчу,
Жоолашып канча экчелдим.

Жетпеске көкмүн жеткенмин.
Жан кейип көпкө эстеймин.
Жиркенбей кантип көмөсүң?
Жээриген үчүн төрөтүн,
Жалбарса дагы кечпеймин...

Жоготуу кыйын эскердим.
Жолукпас күнгөй-тескеймин.
Жактырып ишин пенденин,
Жараткан билет бергенин,
Жоош элем, эми жектеймин.

Жаштыгың эмес көпкөн күн.
Жашартпайт бирөө өпкөн түн.
Жашырып түнөөк денесин,
Жашынып күлпөт чегесиң,
Жек көргүм келет, жек көргүм...

***

Жылмакай бетиң былтыйган.
Жылмаңдап өңүн тыңсынган.
Жыргатат десең сүйүнүп,
Жылаандын башы кылтыйган.
Жан алчудай актанып,
Жалганды дагы чын кылган.
Жакшылык сага жарашпайт,
Жообуна кайра муң сунган.
Жаңылдым мен да кезинде,
Жактырып калып сыртыңдан.

***

Чекеңдеги бырыштар чекендеги.
Чекилик иш күнөөнүн кеселдери.
Чырайлаган мүнөзүң бойдок көнгөн,
Чыркыраткан аз калды жетер чеги.
Чыйпылыктап жалганга жан берсең да,
Чындык ачуу, чагымдын өчөөр кеби.
Чийеленген турмуштун калысы бар,
Чүнчүткөндө жашытып эзээр мээни...

***

Дөгөөрсүгөн акчага алуу жаккан.
Ден-соолукка карабай каның аккан.
Дегдеп жүрүп жаралган периштени,
Делооруган сен болдуң ажыраткан.

Дүнүйө да жетиштүү багың ачкан.
Дегениңди жок кылбай багып жаткам.
Догурунуп айлыгым жетпейт десең,
Даяр эле чөнтөктө салык акчаң...

Делебе козголгондо үйдөн качкан.
Дегеле улам сүйгөн жаңылаткан.
Далайдын каргышына калып жүрбө?
Далактап өтүүчүдөй карыбастан.

Даңгыр жолуң бөгөлүп арыбастан.
Далдырап кал суранып жарыбастан.
Доктур кургур... кудай ургур,
Домолонбой экөөңдүн жайың казган.

***

Аң сезимим жүрөгүмдө ой тунук.
Аялыма таң каламын олтуруп.
Аз убакыт ичинде биз таанышып,
Аны менен жашоо үчүн кол сунуп.
Айылдан да, Нарындан да бата алып,
Ак никелүү бүлө курсам болчу жуп.
Аттиң! Бирок кадырымды тепсеген,
Аңдабапмын алдаганын кор кылып.
Алгачкы ирет шекшигеним чын чыкты,
Аңдагы илдет бар экени сойкулук.
Азгырылып түндө жорткон адаты,
Ал анткени көнүп алган бой туруп.
Анысын да көздү жуумп жашырсам,
Арданасың "досторум" деп чоң сынып.
Алды жакта эмне күтөт? Белгисиз...
Ал баруучу тумандаган жол туюк.

***

Оюнчугу болуп жүрүп көрүнгөндүн.
Орусча түрү жагып сөгүнгөндүн.
Оңтойсуз отуралбай, ноосу бардай,
Ойсоктоп эркектердин көбүн көрдүң.
Оозуңа арак алып, ошонуң ага жагып,
Ойдо-тоодо жыргаганга көңүл бөлдүң.
Ошентип көнүп алган кайран жаның,
Орунсуз бойдоктукка өмүр бердиң.

***

Эки жүздүү оролуң.
Ээгиңден ашып богогуң.
Ээлирип үйдү ойлобос,
Эзели бүтпөс коногуң...
Эчтеке менен иши жок,
Эп эле... сенин толоруң.

***

Догурунба, сен мага догурунба?..
Доктур экөөң баттыңар шору муңга.
Дареметиң жеткени ошол беле?..
Дартка айланган абортуң моюнунда.
Дурус жүрсөң башкалар эчак алмак,
Думанадай жок болбой коюнуңда.
Долулансаң жалынган бирөө эмесмин,
Даарат кылчу жашынган коңулуңда...

Кылыгыңды жашынан бешке билген.
Кызың дагы жетилет эске кирген.
Кыйшалаңдап калчу эле эмнеси – деп.
Кыйыткан сөз укканын "жезделерден".

Кыйын дешип мактаса өзгө күйгөн.
Кыналышып ар кимге өпсө күлгөн.
Кыйыгынан акырын карап койчу,
Кыжырданып масыңды көпкө жүргөн.

Кээри чыгып кайрадан безге тийген.
Келме кезек деген бар эске түйгөн.
Кечиримсиз тагдырды жасап алдың.
Күнүмдүккө намыс жок тепселенген.

Кызык ага өзүңдөй кечте келген.
Кызып көрүү илдети чечмеленген.
Кыңк этпестен чач жулуп отурарсың,
Кыңыр ишти айтканда сестенерден...

## Мазмуну

Мекенибиз Эне менен башталып, Ата менен аталат... 5
Жазмышка жараша, Жашоо өзү тамаша 47
Ташка да жылуулук бергим келет 53
Тынчымды алат – бөлүнбөйт
Туюлат – көзгө көрүнбөйт,
Толкундайт – толук төгүлбөйт 67
Сулуулугуң не пайда? 127
Өгөй аял... 145

# Жунушов Эсенгул



1973-жылы 15-майда
Нарын районунун Эмгекталаа айылында
жарык дүйнөгө келген.
1980-90-жылдары Эмгекталаа орто мектебинде
билим алган.
1991-93-жылдары Советтик Армиянын
катарында кызмат өтөгөн.
1996-2001-жылдары
Нарын мамлекеттик Университетинин
филология факультетин бүтүргөн.
2001-2007-жылдары
Нарын облустук телерадио компаниясында
кабарчы **редактор** болуп иштеген.

Автордун **ырлары** облустук жана башка басылмаларга үзбөй жарыяланып, **өз** окурмандарын таба баштайт. Бул анын **алгачкы жеңиши** эле. Канчалаган мээнет кылсаң, анын үзүрүн көрөсүң дегендей, 1999-жылы Нарын облустук аялдар Конгресси уюштурган **«Эне** жөнүндө жакшы ырдын жарышы» деген кароо сынакта 448 чыгармачыл адамдын арасынан топ жарып, көздөгөн марасына намыс алып берген күлүктөй бута атым алдыда келип, 1-орунду жеңип алат.

Белгилүү акындар маркум Мидин Алыбаев, Байдылда Сарногоев, Турар Кожомбердиев жана эл ичинде уюткусун таркан Анна Ахматова, Марина Цветаева, Эрнис Турсунов, Сагын Акматбекова, Ниңакан Жүндүбаева, Бактыгүл Чотурованын өнөрканаларына сүңгүп кирип, алардан көп нерселерди өзүнө алат. Тажрыйбасын байытып, ыр жазуунун сырларын үйрөнөт.

Колуңуздардагы "Үч бурчтук" ырлар жыйнагы автордун тырмак асты эмгеги.


Жаңызак басма
колтелефон: 0777 329784;
иштелефон: (0312) 871853
үйтелефон: (0312) 633638